Жакыбалы МОМБЕКОВ



# ЖАШОО ЭЛЕСИ



Жакыбалы МОМБЕКОВ

# ЖАШОО ЭЛЕСИ




«Бийиктик плюс»
Бишкек–2012

НООКЕН РАЙОНДУК [illegible]
КИТЕПКАНАСЫ
Инв. № 1852

*Бул китепти улуу*
*кыргыз элимин биримдиги,*
*ынтымактыгы үчүн жана*
*келечектин кең жолунда*
*гүлдөп, өнүгүп өсүшүнө*
*арнаймын.*

***Автор***

НООКЕН РАЙОНДУК
КИТЕПКАНАСЫ
Инв. №



## БЕТ АЧАР

Жакыбалы аганын бул ырлар жыйнагы, анын келечектеги урпактарга калтыруучу эстелиги. Адам кандай жашаса, ошондой из калтырат. Жакыбалы ага өрнөктүү өмүр өтөгөн. Балдарына жакшы ата, жубайына жакшы жар, коомго жигердүү инсан, мекенине татыктуу уул болуп берген жакшы адам, мекенчил уул. Бул сапаттарынын баары анын ырлары аркылуу даана көрүнүп турат. Бул жалганда өз чарбасын жөндөй албай, өз көйгөйүнөн чыга албай өтүп кеткен канча пенде бар. А түгүл ошол чарбасын мыкты жөндөп жатам дегендердин да канчасы өзүнөн башка ааламда эч нерсе жоктой, өз байлыгы, бийлиги менен убара болуп өтүп кетет. Жакыбалы ага андай эмес. Бул жашоого келгенин тагдырдын чоң белегиндей кабыл алып, өзүнүн чыгармачыл дүйнөсү аркылуу коомдо, мекенде, жаратылышта, айланасындагы адамдарда болгон ар кандай өзгөрүүгө кайдыгер карабай, аларды өз жүрөгүнөн өткөрүп, ыр катары кагазга түшүрүп жүрүп отурган. Эми ошол көп жылдык толгонууларын жыйнак кылып элине тартуулап отурат. Эч бир жалганы жок, турмуш кандай болсо ошондой жөпжөнөкөй тартууланган ырларда адабиятка кошкон салымдан мурун, адамдык дүйнөгө кошкон чоң салым жатат. Аганын ырлары ак баталуу, ак пейил, нускалуу кыргыздын нукура образын түзгөн тазалыгы, жөнөкөйлүгү, гумандуулугу менен да баалуу. Балким, чыгармачыл адаммын деп ак уруп, адабиятка шедевр жаратчумун деп, акын эмес адам болгонго дарамети жетпей ара жолдо калганча башка кесипте иштеп, баардык жагынан нускалуу өмүр

өтөп, чыгармачылыкты өз нугунан бузбай, аны жүрөктүн тереңиндеги афиша кылынбаган бир аздек касиеттей бапестеп жүрүп, бир күнү сунуп коюу да туурадыр. Жакыбалы ага үчүн чын эле чыгармачыл дүйнө, өзүнчө бир аздек дүйнө. Аккордеон чертип мукам обон созө алган, ага музыка кадырын түшүнгөн үчүнбү Рысбай Абдыкадыров, Шахра Талипова, Саламат Садыкова баштаган ондогон өнөрпоздорго арноо ырларын жазган. Ырдай алам деп ырчы болуп кетпей, жаза алам деп акын болуп кетпей, тек гана көкүрөгүндө бул өнөрлөрдү бапестеп өткөн Жакыбалы аганын өнөр дүйнөсүнө болгон аздек мамилесинен улам жаралган бул жыйнак өз окурманын табат деп ишенебиз.

*Айзада Абазова*
*акын, журналист*

## ЖАГЫМДУУ ЫРЛАР



Жакыбалы Момбековдун бул ырлар жыйнагы менен алгач таанышып чыктым. Акын катары ысымы мага тааныш эмес эле. Профессионал кыргыз адабиятына салым кошчу, жаңылык киргизчү кандай өзгөчөлүгү бар акын деп абай салдым. Ырлар оозеки адабияттын үлгүсүндө экен. Кеп көңүл кушун, санааркоосун, түйшөлүүсүн кандай дүйнө тааным, ыргак менен бере алгандыгында. Мага жакканы кыргыздын өз дүйнө таанымында, нугунда бергендиги. Кээ бирөөлөр бар, адабиятка жаңылык киргизет элем деп, жасалма ритм түзүп, ырды обу жок сындырып, же айтайын деген тыңгылыктуу оюу жок, же көңүл көйгөйүн ыргакка салып таасын сүрөттөп бере албай, сандырактаган такыба. Жасалма кудайчыл, пайгамбарга калп көшөкөрлөнгөн ойкелди саптар менен окурмандын башын ооруткан акынсымал, акынчалыштар дагы адабиятта иттин каракапталынан көбөйдү. Андайды окуп башынды ооруткан канаттуулардын сайраганын, дарыянын шоокумун угуу миң эсе артык.

Акын аркалаган кесиби экономика тармагы болсо дагы өмүр боюу узанып жүрүп калеми төшөлгөндөй. Шыдыр уйкаш менен айтайын деген көңүл ыргагын күүлөгөн көйгөйүн саамай чачты жумшак эркелеткен желаргыдай жагымдуу ырга салыптыр. Касиеттүү кыргыздын ата-балары келечек муунду жакшылыкка үндөгөн, улууга урмат, сый көрсөткөн, ошого нускаган, таалим-тарбия берген үндөө, чакырык «Ак баталуу карыялар», «Салтыбызды сыйлайлы» деген ырлардын негизин түзөт.

Адамдын көңүл ышкысын козгогон, аздектеген, ээликтирген, санааркаткан, бирде куштарланткан, үмүттөндүргөн, кыялга бай кылган лирикалык секет-

байлар бул жыйнакта арбын. Мага «Сулууга», «Суктанам кара көзүңө», «Гүл кучактап жаныңда мен болоюн», «Гүлгүн кез өтөт билинбей», «Кыздын сыры» сыяктуу лирикалары жакты. Бул ырларды комузга салып жагымдуу обон менен төкмө акындар же ырчылар ырдаса жүрөктөн түнөк тапчу ырлар экен. Элге белгилүү инсандарга арналган түрдүү одалар дагы бир топ. Улутуна кызмат өтөп, элге эмгеги сиңген, эл кадырлагандарды курсант кылып, мээнетинен тапкан дөөлөтүн кубаттап, аларды шыктандырып коюу, эл алдында сыймыктандыруу дагы адамгерчиликтин чоң белгиси. Ылайым эл адамдары бар болсун, ансыз улут көрксүз.

Бул жыйнакта айрым мүчүлүштүктөр да бар. Арийне, бул биринчи жыйнакка мүнөздүү нерсе. Кандай болгондо дагы табит ар түрдүү, чыгармачылыктын жолу татаал, ал ар бир күндүн өз түйшүгү бар сыяктуу, поэзия дайым изденүүнү, ойдун тунуктугун, даанышмандыкты, элдүүлүктү талап кылат. Элдин кан-жанындагы, нукура, салттуу жашоосундагы, Ата журтундагы кыргыздын өзүнө байыртадан мүнөздүү болуп келаткан нерселерди чагылдырганда эске алынат. Айрым узун саптуу ырлар кыскартуу менен берилсе, дурус болоор. Дүйнөлүк адабияттын агымында андан өзгөчөлөнүп «мен» деп туруш өтө татаал, оор. Баары бир изденүү, өзүн өзү, улутту ачуу зарыл. Кандай стилде жазган акын болбосун анын зарылдыгын мезгил таразалайт, ар доордун окурманы аны иргейт, баалайт.

Анда эмесе, Жакыбалы Момбековдун чыгармачылыгына ийгилик ак жол каалайм! Жолуңуз шыдыр, байсалдуу болсун!

***Кален Сыдыкова***
*Жазуучу, публицист, КРнын маданиятына*
*эмгек сиңирген*
*ишмер, Коомдук Манас*
*академиясынын академиги*

## АРЗУУ ЖОЛДУ БАСКАН АКЫН

Жакыбалы Момбековдун ырларын мурда окубаптырмын. Кокустан колума тийген ыр жыйнагын окуп чыгып, убагында калем кармап, ыр артынан сая кууп жүрсө, бир топ ийгилик алып келе турганын туйдум. «Арзуулайт аруу тилегим», Эне жөнүндөгү ырлары, «Ай кызым», «Агарып чыккан күндүн батары бар», «Махабат таңы», «Суктанам кара көзүңө», «Арзуумду билсең не болмок», «Мен сага күлүп келем», «Селкиге», «Ак тилек» жана дагы Байдыке, Чыкеме арналган бир топ чыйрак чыккан ырларды окуп кубандым.

Автордо ыр жазууга болгон дилгирлик, ынтызарлык даана билинип турат. Шык, таланттын илеби ар бир ырынан туюлат. Бирок автордун узун саптуу ырларын кесип иргеп албаганы өкүнүчтүү. Жаш кезинен сур эчки кууган Кожожаштай ыр кууп жашаганда, ал мындай ырлардан алда канча бийик ырларды жазмак. Буга ырдын кантип жазууну үйрөтүүнүн кереги жок. Себеби төө кыядан өтүп кеткен.

Автордун талант, шыгы эрте ачылганда – биз да чоң олжолуу болмокпуз. Азыр да кеч эмес, обонго ылайыктуу ырлары арбын экен. Ошондой болсо да Жакыбалы, уул-кыздарыма, урпактарга эстелик катары калтырам десе, алгачкы жыйнагын дурус чыгарып аларына ишенем жана кубанганымды жашыра албайм.

*Анатай Өмүрканов*
*Кыргыз эл акыны*

# ҮЙ-БҮЛӨ, АТА-ЭНЕ, АЯЛЗАТ ЖӨНҮНДӨ

## ЖУБАЙЫМ ӨМҮРЛӨШҮМ

Ак өргөм төрүндөсүң,
Ардагым көңүлдөшүм,
Акылдаш ой бөлүшкөн,
Асылкеч өмүрлөшүм.

Кыялдын төрүндөсүң,
Кыялкеч көңүлдөшүм,
Кымча бел кыйгыр мүчө,
Кымбатым өмүрлөшүм.

Жаздыкташ төрүмдөсүң,
Жароокер көңүлдөшүм,
Жүрөктөн сыр чечишкен,
Жубайым өмүрлөшүм.

Сен дайым төрүмдөсүң,
Сезимтал көңүлдөшүм,
Таалайлуу жүрсөк болду,
Тагдыр бир өмүрлөшүм.



## АПАКЕМ АСЫЛ БАЙЛЫГЫМ

Жаралгандан жанга бүткөн ынагым,
Жаркыраган жанып турган чырагым.
Жамалың ай, жароокерим апакем,
Жарпым жазып насаатыңды угамын.

Көңүлүмө жылуулукту бересиң,
Көөдөнүмө аруулукту себесиң,
Асылдыктын касиетин үйрөтүп,
Акылыма, акыл кошуп келесиң.

Алпештедиң ак бешикке бөпөлөп,
Абайладың алып колдон жетелеп,
Медер туткан мээримиңе бөлөнүп,
Мен чоңойдум кучагыңда эркелеп.

Пейлиң кенен арзуу ойго тунасың,
Перзентиңе кылдат көңүл бурасың,
Үйүбүздүн куту болуп ар убак,
Күн нурундай күлкү чачып турасың.

Ыйман тилеп жүзүң турса төгүлө,
Ынанамын балдай таттуу сөзүңө,
Ырысымсың, байлыгымсың берекем,
Ыраазымын бул жашоодо өзүңө.

Бактыбызга журт ичинде бар болуп,
Барктала бер асылзаада ак жоолук,
Карааныңдан кагылайын апакем,
Каалайм сага узун өмүр, ден соолук.

## АК БАТАЛУУ КАРЫЯЛАР

Карыялар кызыр сымал турушу,
Карыялар үй бүлөнүн ырысы,
Карегинен бүт ааламга көз салып,
Каалаганы жакшы ой тилек сунушу.

Карыялар калың журттун тиреги,
Карыялар калыстыктын түнөгү,
Калк арасы тынчылыкта болсун деп,
Кагат дайым сүттөй таза жүрөгү.

Карыялар берекенин булагы,
Карыялар биримдиктин ынагы,
Кадам сайын ыймандуулук тилешип,
Канча мезгил кечиришкен убагы.

Карыялар ой жүгүртөт алыска,
Карыялар бек турушат намыска,
Каада-салтка катуу көңүл бурушуп,
Кайраты курч бүркүт, кушту салышка.

Карыялар макал айтып сүйлөшөт,
Карыялар чертип комуз күүлөшөт,
Кол чаначтын берекесин жайнатып,
Кымыз ич деп бирин, бири үндөшөт.

Карыялар ат жалында жүрүшөт,
Карыялар түркүн өмүр сүрүшөт,
Коломтолуу турмуш жолун тең басып,
Кол кармашып бир бирине күйүшөт.

Карыялар биздин аппак таңыбыз,
Карыялар жарык чачкан шамыбыз,
Көчө бойлой катарлашып жүрүшсө,
Көркүн ачат коздолуп шаарыбыз.

Карыялар мээрим төккөн энелер,
Карыялар алтын колдуу чеберлер,
Кереметтүү көл, дайрадай кең мүнөз,
Кең пейилиңе жоктур жандан теңелер.

Карыялар акылмандуу аталар,
Карыялар Бакай сындуу бабалар,
Караанынар жөлөк болуп дем берип,
Калкыбызга сүрөөн болсун батаңар.

Карыялар ачык көңүл жүргүлө,
Карыялар кубангыла күлгүлө,
Кызыгына батып бейпил дүйнөнүн,
Кылымдарга талбай өмүр сүргүлө.



## ГҮЛ ДЕСТЕ

Апа сизди куттуктоого келемин,
Атыр гүлдөн тандап үзүп беремин.
Колуңузга жыттап алып коюңуз,
Кызыңыздын ушул чакан белегин.

Өзүңүздү өмүр бою сүйөмүн,
Сиз мен үчүн эң кымбатсыз билемин,
Үйүбүзгө жарык берген нур болуп,
Дени таза жүрүүңүздү тилеймин.

Каш серпсеңиз көзүңүздү караймын,
Кызым деген сөзүңүздү баалаймын.
Урматташып атам менен биз менен,
Узак өмүр сүрүүңүздү каалаймын.



## АТА, ЭНЕ КЫМБАТ БААРЫНАН

Сүйлөсө таттуу тилине,
Мээримин төгүп сүйүнө.
Бакыттын нуру чачырап,
Базарга толуп үй бүлө.

Талпынса ыкчам жүрүүгө,
Тай-тайлап ээрчип күнүгө.
Келечек күтөт Ата-Эне,
Кең болуп аалам дүнүйө.

Ар убак сындан өткөрүп,
Абайла өзүң деп жүрүп,
Ардактап бала өстүрөт,
Алтыным эркем деп жүрүп.

Кир жугузбай балага,
Кирпигин тиктеп кадала,
Ооруса карайт көздөрүн,
Миң ирет болуп садага.

Кадамын эркин бастырып,
Каткырса кошо каткырып.
Көтөрүп аста ойнотот,
Көңүлүн куунак шат кылып.

Үйрүлсө кабак кашы эле,
Үстүнө түшүп бат эле.
Үмүтү жанган чырактай,
Үй бүлө куту Ата, Эне.

Перзенти өссө жадырап,
Береке шамы жагылат.
Ак өргө нуру нурданып,
Ата, Эне жарпы жазылат.

Ойлогон ою кең экен,
Сүйлөгөн сөзү эп экен.
Төрүндө болсо Ата, Эне,
Төгүлүп турат берекең.

Көгөрөт адам батадан,
Көп билет улуу жашаган.
Акылга калчап сөз айткан,
Артык жок Эне, Атадан.

Жараткан алла жагынан,
Жаралат адам канынан.
Ааламда теңдеш табылгыс,
Ата, Эне кымбат баарынан.



## ЭНЕКЕБАЙ

Энекем карааныңдан кагылайын,
Эстесем элесиңе агыламын.
Медерим садагасы алтыным деп,
Мени аяган мээримиңи сагынамын.

Энекем эрте кеттиң бул дүйнөдөн,
Эсимде эркелетип сен сүйлөгөн,
Уулум деп бешенемен сылап жыттап,
Улуулугуң бар эле сыр түйбөгөн.

Мына азыр эр жетилип бойго жеттим,
Турмуштун далай жолун басып өттүм.
Ушул күндө небереңди эркелетпей,
Келиниңдин кызматын да көрбөй кеттиң.

Ойлогондо жарк дейсиң сен эсиме,
Олтурамын кыялдын кемесине.
Тагдыр экен не арман Энекебай,
Таазим кылам ар убак элесиңе.



48299-45

## АЯЛЗАТ ҮЙДҮН ЧЫРАГЫ

Аялзат үйдүн чырагы,
Анташкан жардын ынагы.
Анткени ар бир бүлөнүн,
Аялсыз көрку чыгабы.

Кыстаса түйшүк убагы,
Ченемсиз болот чыдамы.
Турмушта ар бир бүлөнүн,
Аялсыз толбойт курамы.

Тилегин айтып кудайга,
Жеткирет бала убайга,
Дил адебин тазартып,
Дил азык берет жубайга.

Өмүрлүк жолду бир баскан,
Мээримин төгүп сырдашкан.
Аялзат үйдүн чырагы,
Жүрөккө жылуу нур чачкан.



## АПАЛАР БҮГҮН МАЙРАМЫ

Эргиген салкын таңдагы,
Эркелүү жүзү жайдары.
Эл ичин шаңга бөлөгөн,
Энелер бүгүн майрамы.
Ааламды шаңга бөлөгөн,
Апалар бүгүн майрамы.

Толукшуйт тоонун аймагы,
Толкундайт көктө ай дагы.
Аздектеп күткөн элибиз,
Аялдар бүгүн майрамы.
Атыр жыт сепкен жүрөккө,
Айымдар бүгүн майрамы.



## АТАЛАРДЫ ДАҢКТАЙЛЫ

Өткөн күндүн өзөгүнө өрт салган,
Өмүр менен өлүм бирге курчалган.
Оттой жанган душман менен кармашкан,
Ошол жылдар унутулбайт эч качан.

Эстегенде эстен танып канчалар,
Эне сыздап, кайгы тарткан апалар.
Он гүлүнөн бир гүлү ачыла электе,
Окко учуп шейит кеткен аталар.

Тайманбастан душманга бек турушкан,
Таңкаларга көкүрөгүн тозушкан,
Каптап кирип кан майданда канчасы,
Каза тапкан каргашалуу согуштан.

Апаат жылдар кандуу согуш болгонун,
Ант ичишкен фашистерди жойгонун,
Белгилешти тогузунчу май күнү,
Берлинге тууну сайып койгонун.

Ураан салып көкөлөтүп байрагын,
Душмандардан тазалаган аймагын.
Аталардын ак кызматын эскерип,
Ардактайлы улуу жеңиш майрамын.

Ал күндөрдү таазим кылып барктайлы,
Аталардын баскан жолун даңктайлы,
Бийик тутуп эркиндиктин желегин,
Бирге туруп тынчтыкты сактайлы.

## ТУУЛГАН КҮНҮҢ КУТ БОЛСУН КЫЗЫМ

*(Кызым Гүлжамалга)*

Көп жашап, көптү көргүн,
Көп окуп, көптү билгин,
Акылман ойлор менен
Ашыкбай аста жүргүн.

Колуңа бакыт, кут консун,
Жүзүңө күлкү, шаң толсун.
Жарык нур берген ааламга,
Туулган күнүң кут болсун.

Асылым кызым маанайым,
Айтамын каалоо таамайын,
Алдыда турат келечек
Ачылсын бакыт, таалайың.

Оюмун бөлүп даалайын,
Окууңу жакшы баалаймын.
Илимиң өссүн өркүндөп,
Ийгилик ак жол каалаймын.

Жайдары сылык мүнөзүң,
Жашыңан сырың билемин.
Жүрөгөр кызым адептүү,
Жүз жашты сага тилеймин.

## ПЕРЗЕНТТЕРИМ

Перзенттерим кандан бүткөн асылдарым,
Бел тутуп жандай көргөн жакындарым.
Бой салып чарбагымда ойносоңор,
Көрктөнөт силер менен жашыл багым.

Таңда, кеч караанына көз саламын,
Тамылжып күлгөнүңө суктанамын.
Бөтөнчө рахаттуу сезим берет,
Бөлмөдө силер менен уктаганым.

Эртелеп ишканага турсам шашып,
Эркелей жатасыңар күлкү чачып.
Чаалыгып сапарымдан кайтканымда,
Чарчоомду жазасыңар кучакташып.

Өмүрдө өргө карай бел болоюн,
Өбөлгө жашооңорго дем болоюн.
Ак өргө кутун чачкан төрүңөрдө,
Ар убак апаң менен мен болоюн.



## ЭНЕЛЕРГЕ ГҮЛ ДЕСТЕ

Акыл ойдун аптабында сыналган,
Айткандары ак шурудай кыналган,
Айланасын мээримине жылытып,
Амандыктын арзуусунда кубанган.

Энелерим ырыс,кутум таалайым,
Эмгегиңди ыйык тутуп баалаймын,
Жаздан сунуп гүлдестени жалпыңа,
Жараткандын жакшылыгын каалаймын.

Ак элечек асылдарым, ардагым,
Аруулуктун ак таңындай жайнагын,
Кубанычтын нурун чачкан ааламга,
Куттуу болсун жаркыраган майрамың.



## АЙ КЫЗЫМ

*(эрке кызым Эркингүлгө)*

Асманда жанган жылдызым,
Алпештеп жүргөн сыймыгым,
Акылы терең тунук бол,
Ак пейил менин ай кызым.

Тамылжып күлүп турушуң,
Таалайым бактым ырысым,
Өрүшүң кенен жайылсын,
Өмүрлүү болгун ай кызым.

Берекем медер байлыгым,
Бел туткан эркем асылым,
Бешенең жайнап өсө бер,
Периштем менин ай кызым.



## АЯЛЗАТ ҮЙДҮН КУТУ

Сырдашып сыйга толуп келдиңерби,
Сыйлашып өмүр гүлүн тердиңерби,
Аялзат ай чолпондой асылдарым,
Ардактап сыйлайм бүгүн мен силерди.

Сүйүктү майрамыңар куттуу болсун,
Сүйүнүп маанайыңар шаңга толсун,
Жаз майрам шоола чачкан таңы менен,
Жаркырап жүзүңөргө күлкү толсун.

Көңүлгө эргүү максат үмүт салып,
Көөнөргүс аруулукка кучак жайып,
Жылтылдап жанып турган бийиктеги,
Жылдыздай тургулачы бажырайып.

Ачылган атыр жыттуу гүлдөй өнүп,
Ааламдын кереметин күндө көрүп,
Аялзат үйдүн куту болуп дайым,
Арзуулап жүргүлөчү мээрим төгүп.



## АЙЫМДАР

Ырдаса шаңдуу үнү бар,
Мүнөзү назик шайырлар,
Силерсиз жашоо караңгы,
Сымбаты сулуу айымдар.

Сүйлөсө жылуу сөзү бар,
Сезими күчтүү шайырлар,
Силерсиз көңүл суз болот,
Сүйкүмдүү чүрөк айымдар.

Максаты тунук ою бар,
Мээримин төккөн шайырлар,
Силерсиз турмуш жаралбайт,
Жароокер бийкеч айымдар.

Күлкүгө дайым шаттанар,
Гүл жытын чачкан шайырлар,
Силерсиз өмүр кызыксыз,
Кыялкеч эрке айымдар.

Жүзүндө жарык нуру бар,
Жүрөгү таза шайырлар,
Силерсиз дүйнө тарыгат,
Сыпайы сылык айымдар.

Жыпар жыт чачып ааламга,
Жылдыздай жанган шайырлар,
Жүрөккө эргүү жаратып,
Жүргүлө асыл айымдар.

## БИЗ АПАЛАР

Биз апалар Обо энеден жаралган,
Аялзаты бүт ааламга таралган,
Абийир сактап, мээрим төгүп ар убак,
Ак пейилдүү ыйманыбыз тазарган.

Биз апалар тынчылыкты каалайбыз,
Элим аман, ток болсо деп самайбыз,
Этияттан болгон кокус кырсыкты,
Эч бир жанга ыраа көрбөй аяйбыз.

Биз апалар мөмөлөгөн даракбыз,
Кыз өстүрүп саамай чачын тарайбыз,
Эл ичинде эркин өссүн уулум деп,
Эркелетип эки көзүн карайбыз.

Биз апалар тазалыкты сүйөбүз,
Жарыбызга кир жуугузбай жүрөбүз,
Өрүшүндө коломтосу жайылып,
Өмүр оту өчпөсө деп тилейбиз.



## ТОРГОЙ ҮНҮ

Түйшөлүп далбас уруп,
Түнката ойго тунуп,
Агарып таң шооласы,
Алдастап эрте туруп.

Эшикке чыкканымда,
Таза аба жутканымда,
Боздогон боз торгойдун,
Добушун укканымда.

Бир кадам алга барып,
Муунум түштү талып,
Жалдырай кулак тостум,
Демими ичке салып.

Чырылдап үнү талбай,
Сайрады тыным албай,
Түйшөлткөн түрү укмуш,
Турмуштун сыры бардай.

* * *

Сурданып ойго баттым,
Сузданып алга бастым,
Сыздаган жүрөктөгү,
Сырымды ичке каттым.

Догдурда айлап жаткан,
Добушу сайрап жаткан,
Үзүлбөс тирүүлүккө,
Үмүтүн байлап жаткан.

Дарыгер көнгөнүнө,
Уруксат бергенине,
Бир жума болгон эле,
Үй бетин көргөнүнө.

Кайгысын тартып өзү,
Кардыгып айткан сөзү,
Жаздыктын ортосунда,
Жалдырайт эки көзү.

* * *

Өксүткөн дарты терең,
Өмүрү калган ченем,
Карайлап жатат апам,
Кармашып оору менен.

Жанына жакын барып,
Жал ооруй назар салып,
Абалын сурайын деп,
Колунан карман алып.

Апкарып алсырадым,
Айла жок жалдырадым,
Дармансыз түрүн байкап,
Дал болуп шалдырадым.

Кантейин айлам эми,
Чырмады кайгы мени,
Шыбырап жар салгансыйт,
Таңдагы жайдын жели.

* * *

Үшкүрүп ары-бери,
Үйрүлүп ички деми,
Бурганак оттой жанат,
Буулугуп атам деги.

Муңканып карап мени,
Догдурга барчы деди,
Суранып алып келчи,
Шыпаакер дарыгерди.

– деп айтар замат атам,
Жөнөдүм бара жатам,
Арбынсыз болуп жолум,
Алгалай улам шашам.

Көрүнүп оорукана,
Көңүлүм алсыздана,
Көрүчү бөлмөсүнө,
Мен жеттим күйүп жана.

* * *

Сурасам шыпаакерди,
Белгисиз жооп берди,
Тагдырдын жолу таарып,
Таппадым дарыгерди.

Кайрылып түштүм жолго,
Капталып мүшкүл ойго,
Умтулуп шашыламын,
Рулду кармап колго.

Тартылып убайымга,
Түркүн ой кыялымда,
Тандагы торгой үнү,
Жаңырат кулагымда.

Жайкы күн нурун чачкан,
Мелтирейт көкмөк асман,
Кан жолдо мен келемин,
Көңүлүм кайгы баскан.

* * *

Айлана жымжырттана,
Жапжашыл кутман талаа,
Толукшуп көөдөн туйлайт,
Топтолуп менде санаа.

Бак-дарак ыргалгандай,
Баскан эл сузданганданганды,
Көрүнүш кандайдыр бир,
Көңүлгө муң салгандай.

Бурулуш жолго келип,
Оң жакка кайрый берип,
Карасам эшик алдын,
Калың топ элди көрүп.

Баарынча көзүмдү ачып,
Баратам толуп ташып,
Ээриним эпке келбей,
Эзилип кеттим жашып.

НООКЕН РАЙОНДУК БОРБОРДУК
КИТЕПКАНАСЫ
Инв. № 1852

* * *

Буулугуп күн бүркөлүп,
Булуттар кабар берип,
Жалдырайт жай мезгили,
Жалооруй жашын төгүп.

Апа, – деп буркурадым,
Алдастап зыркырадым,
Уйкуга кеттиң беле,
Ойгон деп булкуладым.

Оорудан арылганбы,
Дабасы табылганбы,
Же тагдыр буйругуна,
Аргасыз багынганбы.

Уйкудан көзүн ачтыбы,
Ууртам даам таттыбы,
Же айталбай сырын жалдырап,
Арманын ичке каттыбы.

* * *

Сүзүлгөн көзүн ачтыбы,
Сүрдүгүп бир сөз айттыбы,
Же аргасыз жөнөп кылчайбай,
Акырет көздөй бастыбы.

Ирмелген көзүн ачтыбы,
Ичтеги сырын айттыбы,
Көөдөнүн өйдө көтөрүп,
Көңүлүн бир аз ачтыбы.

Кымтылган көзүн ачтыбы,
Же кыймылсыз уктап жаттыбы,
Оорудан жанын куткарып,
О дүйнө жолун тарттыбы.

Өртөнүп жашым төгүлүп,
Өксүдүм муңга чөмүлүп,
Сабырым түтөп жалындап,
Саргайдым санга бөлүнүп.

* * *

Карайып көзүм тунарып,
Кайгыдан өңүм кубарып,
Ый менен коштоп айланам,
Ыргалып турдум буралып.

Шолоктоп көзү жылтылдап,
Апа,-деп ыйлап чыркырап,
Укканда үнүн балдардын,
Жүрөгүм сыздайт зыркырап.

Имере курчап жардана,
Жалынып улам жалбара,
Апа,-деп боздоп баарыбыз,
Айлабыз кетти мундана.

Турмуштун деми бөксөрүп,
Турганда көңүл өксүнүп,
Кайырлуу болсун арты деп,
Кайратын айтты көпчүлүк.

* * *

Тынчыды абал ирденип,
Тыйылды элдер иргелип,
Калдык биз үйдө үшкүрүп,
Кайгыдан көңүл кирденип.

Өмүрдүн жолу талдыбы,
Өкүмүн өзү салдыбы,
Айыкпас дартка багынып,
Арбаган ажал алдыбы.

Түркүн ой каптап санаамды,
Түгөлдөп баспай кадамды,
Дүркүрөп боюм сыздатып,
Дүнүйөм болду караңгы.

Күн сайын ойго батамын,
Күйүтүн тартып капамын,
Улутунуп калдым не арман,
Укпастан үнүн апамын.

Кызыктуу күндүн батарын,
Ким билсин өмүр сапарын,
Кейиткен чиркин дүйнө экен,
Кемиткен адам катарын.

*1981-ж.24-июнь.*

# СИЛЕР МЕНЕН БАР БОЛОЛУ

Энелер кең мейкиндей улуксуңар,
Эжелер мээрим төккөн сылыксыңар,
Асылзада айымдар кыз, келиндер,
Аялзат мөл булактай тунуксуңар.

Перзенттин азыктанаар кенисиңер,
Өмүрлүк жубайлардын теңисиңер,
Мезгилдин агымында чарк айланган,
Керемет гүл турмуштун демисиңер.

Жайнаган улуу тоонун гүлүсүңөр,
Жаралган аялзаттын түрүсүңөр,
Жараткан кутун чачкан ар бир үйдүн,
Жаркырап тийип турган күнүсүңөр.

Жашоонун таңы болуп келесиңер,
Жароокер жанга сүйкүм элесиңер,
Көктөгү жаркыраган жылдыз сымал,
Көңүлгө жылуу сезим себесиңер.

Аруулап тазалыкты туясыңар,
Арзуулап бийик максат курасыңар,
Жүзүңөр балбыл жанган сыйга толуп,
Жүрөктүн жарпын жазып турасыңар.

Бир жүрүп сөзү таттуу бал бололу,
Бүлөдө дайым ынак жар бололу,
Гүл сунуп майрам тозуп бул жашоодо,
Силер менен дайым чогу бар бололу.

## ЭЛЕТТЕН ЧЫЙЫР САЛГАН ЭЖЕКЕБИЗ

Турмуштан туура багыт алып келет,
Тутантып коломтосун жагып келет,
Айылдын үрп, адатын ыйык тутуп,
Ардактап тумар кылып тагып келет.

Эртелеп таң күлкүсүн чачып келет,
Эшиктен бөлмөсүнө шашып келет,
Элеттен чыйыр салган эжекебиз,
Эмгектин талбай жолун басып келет.

Кечикпей күндө жумуш сапарыңыз,
Келечек балдар болуп катарыңыз,
Башкарып ак халатчан ашкананы,
Балдарга күлүп турат ажарыңыз.

Тагдырдын сыноосунан талбадыңыз,
Таалайлуу келечекти кармадыңыз,
Мектептин босогосун күндө аттап,
Мээримди жаш муунга арнадыңыз.

Байыр алып учкан куштун түнөсүндөй,
Балалуу баккан эне бүлөсүндөй,
Дайыма балдар үчүн мээримиңиз,
Даамдуу таттуу чайдын ширесиндей.

Жалындап жашооңуздун кемечеси,
Жаралып колуңуздун берекеси,
Боорукер аяр жасап мамилени,
Болдуңуз сиз балдардын энекеси.

Өмүрдөн жашоо демин алып келиң,
Өр карай үмүт отун жагып келиң,
Таштаган кадамыңыз арыбасын,
Талыкбай эмгек жолун улай бериң.

# Жан дүйнө

## ЭХ, ЧИРКИН ДҮНҮЙӨ

Жаралып аста келебиз,
Жарыктык жүзүн көрөбүз.
Эх, чиркин жарык дүнүйө,
Эркиңе сенин көнөбүз.
Тагдырдын жазган жолу деп,
Тымызын көңүл бөлөбүз.
Эх, чиркин дүнүйө
Жаралып үй бүлө,
Эргисин жүрөк сүйүнө.

Түйшүгүн улам сезебиз,
Турмуштан сыноо беребиз.
Дүйнөнүн ойлоп кызыгын,
Дүүлүгөт чымыр денебиз.
Өбөлгө болуп жубайлар,
Өмүрдүн гүлүн теребиз.
Эх, чиркин дүнүйө,
Бар болуп үй бүлө,
Балкысын жүрөк сүйүнө.

Саналып жашоо күн өтөр,
Сапарын мезгил күзөтөр,
Эх, чиркин бейпил дүнүйө,
Санаасыз жашап ким өтөр.
Армансыз болуп дүйнөдөн,
Айтканын жасап ким өтөр.
Эх, чиркин дүнүйө,
Кут конуп үй бүлө,
Кубансын жүрөк сүйүнө.

## АЙЛАНАМ АЛТЫН КУРАКТАН

Талпынып таштап кадам талбай денем,
Тагдырдын сыноосуна түшүп терең,
Аралай бул турмуштун тузун татып,
Ак таңдын алтымышын ашып келем.

Кең дүйнө кереметтүү жашоо деген,
Келгенде жарыктыкка жапжаш элем,
Өмүрдүн өйдө, төмөн кыйырында,
Өткөрдүм өмүрүмдү эмне менен.

Тарбия улуу салттын наркы менен,
Тай-тайлап мени өстүргөн ата-энем,
Жалындуу үмүт чачкан көкөлөтүп,
Жаштыкка ой учугун кайрып келем.

О өмүр, өрнөгүңдү бердиң далай,
Өстүрдүң тартууладың жарык маанай,
Өзгөчө аруу тилек дем, күч берип,
Өзүңдөн арзып таптым бакыт, таалай.

* * *

Кечирдик канча мезгил аралыгын,
Кемчиликсиз болбойт экен жаралуунун,
Керилген аска, зоолор арасында,
Керемет тоодо өттү балалыгым.

Мен турмуштун бүлөсүнө шашылбадым,
Мүнөзүмдү тик айтуудан жашырбадым,
Сүйүү деми оттой жанып турса дагы,
Сүйүү чегин калыстыктан ашырбадым.

Таалайлуу бакыт тилеп күн, айыма,
Тагдырым өзү кошту жубайыма,
Жазылган пенделерин жуп жараткан,
Жашоодо ыразымын кудайыма.

Түбөлүк нурун чачып кутту түнөк,
Түгөйлөш орун алып эки жүрөк,
Коломто кемегесин алоолонтуп,
Коштодук гүл турмушту алга сүрөп.

* * *

Арбалып жалындаган ички оюма,
Азгыруу алып учуп тоо койнуна,
Өзгөчө сезимдерим ырга айланып,
Өргүймүн шаркыраган суу боюна.

Жан дүйнө тазалыгын сүйүп келем,
Жакшы ойду көңүлүмө түйүп келем,
Тушунда тулпар оозун чойбосом да,
Турмуштун агымында жүрүп келем.

Калтырып улам артка жаштыгымды,
Кастарлап гүлгүн өмүр наздыгымды,
Көөнөрбөс журт ичинде өргө умтулам,
Кетөрүп «поэзия» баштыгымды.

Талантым тартуулаган болжолумду,
Таштаган ар бир кадам жолдорумду,
Койкойгон калем саптан кээде шилтеп,
Коомго сунуп келем ойлорумду.

* * *

Ак таңдан ойгономун эрте туруп,
Айланам таза абага сейил куруп,
Алладан тилейм дайым ыймандуулук,
Аманат жаратканга кулдук уруп.

Даңктаган улутунун улуулугун,
Барктаган Ата Журттун сулуулугун,
Ааламга Ала Тоосу кең таанылган,
Ак калпак кыргызымдын кулунумун.

Дасыккан турмуш жолун араладым,
Багытты эмгегиме чамааладым,
Бактыма тилеп дайым ден-соолукту,
Байлыкты мен эч качан самабадым.

Тартылган түйшүк түрү бүтпөс ченем,
Тагдырым аралашып эл журт менен,
Бурулуш ойдо-ылдый мезгил улай,
Буйругун бул жашоонун алып келем.

* * *

Баарына бирдей карап ынанамын,
Бактысын жаратkandан суранамын,
Өстүрүп эки уул, эки кызды,
Өмүрдөн тапканыма кубанамын.

Көңүлү үй-бүлөгө берилгенин,
Көрсөтүп сыйга толгон сезимдерин,
Улууга ийменише назар салып,
Урматтап сыйлап турат келиндерим.

Неберелерим ачык көңүл шаттуум булар,
Неберелерим сылык мүнөз таттуум булар,
Негиз салган бул жашоонун өзөгүнө,
Неберелерим келечегим бактым булар.

Өнүгүп өсө берсин бүт улутум,
Өмүрдүн деми болгон ырыс, кутум,
Бар болсун аман-эсен журт ичинде,
Байлыгым бала-чакам, эли журтум.

* * *

Көңүлгө сый, көөдөнгө нур чачканына,
Көз жүгүртөм көкө Теңир асманыма,
Айланам жаратканга таазим кылып,
Алтын курак алтымышты басканыма.

Кайратты акырындап ийге салып,
Карылык кадимкидей тооруп алып,
Убакыт өтөт экен билинбестен,
Улгаю нур жүзүндөн орун алып.

Мезгилдин доорлору болот экен,
Кезинде кырчын курак толот экен,
Бапестеп кеңүлүңдү көкөлөтүп,
Бардыгын орду-ордуна коёт экен.

Абайлап алга сүрөйм жылдарымды,
Арнаймын ачылбаган сырларымды,
Тагдырым дем-күч берип турса өзү,
Тартуулайм дагы канча ырларымды.

## ЖАШОО ЭЛЕСИ

Жаралгандан учкул ой дүйнө кезет,
Жашоо сырын эртелеп кимдер сезет.
Жазганына тагдырдын канааттанбай,
Жай алдырбай туйлатып жүрөк эзет.

Адамзаты ааламга бир жолу келет,
Аз өмүрдө жашарын кайдан билет,
Алды, артына каратпай күн бүткөндө,
Азгыратта шум ажал алып кетет.

Бул дүйнөдө оош-кыйыш жол басып,
Бирде жакшы, бирде жаман айтышып,
Буйрук келсе о дүйнөгө кеткендер,
Бул жашоого келбейт экен кайтышып.

Алла Таала жараткан перзенти биз,
Адам деген атыбыз улук өзгөртүүсүз,
Алты кабат асманга устун болор,
Арабызда барбы же өлбөсүбүз.

* * *

Тагдыр берген бактысына жолугар,
Адамзаттын түркүн өмүр жолу бар,
Жаралгандан бешенеде жазылуу,
Ар бир жандын бул жашоодо орду бар.

Бирде шыдыр, бирде токтоо жай барат,
Күндөр өтүп, айлар жылга айланат,
Мезгилдердин агымында сапар тээп,
Өмүр чиркин өргө карай байыр алат.

Бул дүйнөгө кимдер келип кетпеген,
Ким бар экен өмүр жолун чектеген,
Аалам кезип айга барып консо да,
Адамзаты жер учуна жетпеген.

Жашоодо биз буйрук даамын татабыз,
Жаралгандан ач көздүккө батабыз,
Чымындай жан көөдөнүңдөн кеткенде,
Чын уйкуда түбөлүккө жатабыз.

* * *

Жан багам деп жанып жүрүп өтөбүз,
Жашоо улап өйдө-төмөн көчөбүз,
Бир күн келип ичээр сууң түгөнсө,
Билинбестен бир заматта өчөбүз.

Бул дүйнөнүн сыры бизге табышмак,
Муну эч ким табалбастыр аныктап,
Улам жашоо эртеңкиге уланып,
Унутулуп күндөр өтөт алыстап.

Кандай сонун гүлгө оронгон жазгы убак,
Кандай жыргал жалындаган жаш курак,
Өмүр чиркин бир мезгилге токтобой,
Өтүп барат кирген суудай шаркырап.

Биз инсандар билгичтикке кыйынбыз,
Бир саамга биригүүчү уюмбуз,
Асман, жерге тегиз бийлик кылсак да,
Алла үчүн куурчак сымал буюмбуз.

* * *

Барктабастан жакшы менен жаманды,
Байкабастан адал менен арамды,
Жүрсө дайым турмуш жолун ылгабай,
Жүдө тартып мээнет басат адамды.

Жашоо сапар кайчылашат ар убак,
Жамандыктан жүргөн дурус сыртырак,
Кадыр, көңүл жарашыгын бузбастан,
Калк ичинде болгон жакшы ынтымак.

Жакшылыктан көңүл куунак шаттанат,
Жамандыктан жууса өчпөс дат калат,
Бул жашоону барктай билген инсандан,
Бутак жайып мөмөлөгөн бак калат.

Жакшылар көп жүрөк отун жандырган,
Жакшы сүйлөп моокумуңду кандырган,
Ыйман тилеп ар бир элдин нугуна,
Ынтымактын көпүрөсүн салдырган.

* * *

Биз келебиз бул жашоого коноктой,
Бир өмүрдү кечиребиз тоготпой,
Жүздөн ашып талбай доор сүрсөк да,
Жүрөлүчү абийирибиз жоготпой.

Ырыс тилеп бул жашоону барктайлы,
Ыйык тутуп салтыбызды сактайлы,
Ар тарапты асыл ойлуу чабыттап,
Ата Журттун акыбетин актайлы.

Турмуштун нээси жакшы, нээси жаман,
Туйса да байкабастык кылат адам,
Түптөнүп жер шаарына жайланса да,
Түбөлүк барар жери эки, үч кадам.

Кээ бирөөнүн бузук экен кыялы,
Кээде жүрөт уурдагансып сыягы,
Анык ууру бул адатка айланган,
Ал жоругун өлмөйүнчө тыябы.

* * *

Эриш-аркак ачык болсо сырлары,
Эсте калат анын ар бир жылдары,
Жайнап турса күлкү аралаш жылмайып,
Жакшы коңшу жашоонун жыргалы.

Биз адамдар бир күнөкөр пендебиз,
Бирок ойлоп жакшы үмүттө келебиз,
Урпактарга үлгүлүү жол таштайлы,
Андан башка калат биздин эмнебиз.

Өйдө, төмөн күндө түркүн тирилик,
Өмүр, жашоо кандай сонун тирүүлүк,
Убайым жеп, күлүп, санаа ой тартып,
Убакытың өтүп барат сүрүлүп.

Ойлоп адам ой түбүнө жетпейсиң,
Үшкүрүнүп кээдө өзүңү жектейсиң,
Аракетиң асман тиреп турса да,
Адамзаттан артык болуп кетпейсиң.

* * *

Өмүр кыска өчөт тоонун гүлүндөй,
Өтүп мезгил учат көзгө илинбей,
Улгаюнун жүзү аста көрүнүп,
Улам жашоо жылып барат билинбей.

Алыс, жакын баркын билбей далбактап,
Алың барда ойлонбойсуң шарактап,
Муунуң бошоп белден каруу кеткенде,
Мусапырдай көзүң турат алактап.

Жашайт адам бирде ачта, бирде ток,
Казнасы бирде бар да, бирде жок,
Агымында жүрүп барат жашоонун,
Айланчыктап бирде тынчта, бирде шок.

Өжөрлөнүп кур намызды жыйнаба,
Өткүрлөнүп акыбетиң кыйнаба,
Өкүнүчтүү канткен менен өмүр аз,
Өз жанынды азда болсо сыйла да.

* * *

Кайкып жаштык сезилбестен баратса,
Кара чачың буурул тартып барат да,
Кадырына жетер кезде жашоонун,
Кайран өмүр карыйт экен заматта.

Бул жашоодо жыргал да бар, сүйүү бар,
Буга атаандаш кызганыч бар, күйүү бар,
Адамдардын арасына чок салган,
Акмактар бар сырты кенен ичи тар.

О адамзат ыймандуусуң, улуусуң,
Бул жашоодо тирүүлүктүн кулусуң,
Карап туруп кара тонуң жамынып,
Карөзгөйлук кылгандыгың курусун.

Ажы болуп адамга шек санаса,
Арсар молдо аралатып караса,
Билип туруп шариятты булгаса,
Билбейм буга кантип буйруйт жаназа.

* * *

Турмуштан мен көрдүм ыксыз бирөнү,
Түк кароосуз таштаптыр ал бүлөнү,
Алмашса да үйбүлөнүн түнөгүн,
А балдарсыз кантип чыдайт жүрөгү.

Карап турсаң мындай адам сөрөйдү,
Калк ичинде анын саны көбөйдү,
Өз бооруна жакын тарта имерип,
Өз уулунан артык көрөт өгөйдү.

О жакшылар үйбүлөнү чанбайлы,
Өзгөлөрдү ыгы менен жандайлы,
Азгырылып түшүп шайтан жолуна,
Ара жолдо арсар болуп калбайлы.

Сен да, мен да жаратканга бирдейбиз,
Себепчиси тагдыр ишин билбейбиз,
Чиркин өмүр барат желдей сызылып,
Чимирилип аны көзгө илбейбиз.

* * *

Таң салкында эртелеп турган жакшы,
Тамашалуу дил маек курган жакшы,
Табигаттын суктанып коздугун,
Тазалыкка көңүлдү бурган жакшы.

Бул турмуштан далай мезгил өткөрдүм,
Эки жүздүү акмактарды көп көрдүм,
Дабасы жок элди бузган мите курт,
Дале жүрөт арасында чөптөрдүн.

Жаман адам басса-турса чалкалайт,
Калк ичинде куру сөзүн кайталайт,
Оргуштанып өзүн жанга теңебей,
Опол тоону оозу менен талкалайт.

Эх, адамзат бирдей эмес карачы,
Андайлардан канчоо экен саначы,
Жанга тийди жагымсыз терс жоругу,
Жадайсың да боло берип арачы.

* * *

Орундалса акмактардын санаасы,
Ойдогудай канат анын табасы,
Тыйпыл кылып мындайларды таштаса,
Тынч жашамак калың журттун арасы.

Жазчы чиркин, бул жашоонун барагын,
Жалтанбастан турмуш жолун карагын,
Өйдө-төмөн боло бербей убара,
Өз элиңин кызматына жарагын.

Бул жашоодо убактылуу конокпуз,
Бир-бирибиз жөлөп таяр омокпуз,
Уламыштап кийинкилер сүйлөгөн,
Урпактарга айтып жүрөр жомокпуз.

Чындык, жалган бүгүн катуу кармашты,
Шерт коюшту таразага бармакты,
А чындыгың бул дүйнөдө чөнелүү,
Ошондуктан жалган басат салмакты.

* * *

Ашыкпагын бул жашоонун күндүгү,
Андан көрө үйрөн жакшы үлгүнү,
Жолоочуну көп ээрчибе сагалап,
Жолбун иттей таштап кетет бир күнү.

Жаша досум жамандыктан алыс жүр,
Жаратканды жан дүйнөңөн тааный бил,
Жуурулушуп көптүн алып батасын,
Журт ичинде урмат-сыйлуу доор сүр.

Ден соолугуң бузулбай турса колдо,
Деги айтарым жамандан карыз болбо,
Жан дүйнөңө ар убак дем жаратат,
Жакшы адамдан жалтанып алыс болбо.

Тунук болсо досчулуктун сырлары,
Турмушуңун болот улам жыргалы,
Урматташып, кадырлашып сыйлашып,
Унутулат капалыгың мурдагы.

* * *

Ырыс тилейм таң агарып атарында,
Ыйман тилейм күн сүрүлүп батарында,
Жүзүм жайнап жаркырап эл ичинде,
Жүрсөм деймин жакшылардын катарында.

Китеп окуйм, музыканы көп угам,
Ыр жазамын калем түшпөйт колуман,
Бош убактым мына ушинтип өткөрөм,
Эмне пайда кур ушакчы болуудан.

О акылман жакын келчи сырдашып,
Олтуралы достук ырын ырдашып,
Көп жүгүрбөй бүтпөс мезгил артынан,
Көңүл ачып жүрөлүчү сыйлашып.

Курбуң жетсе жорго минип жыргагын,
Күлкү аралаш күндө шайыр ырдагын,
Ары, бери жасайм жумуш деп жүрүп,
Ара жолдо өтүп кетет бир жаның.

* * *

Азгырылба кысталыш турган жерде,
Абайлагын акмакка сырың бербе,
Көңүлдөгү бей капар ойлоруңду,
Көрүнгөнгө чачылып айта бербе.

Мактаганга толкундап таша бербе,
Максат кылып ар ишке шаша бербе,
Байка аста беш колуң бирдей эмес,
Бардыгына койнуңду ача бербе.

Тар жол келет бурулуп кайта албаган,
Тантык болот сөзүн тактап айталбаган,
Адам түспөл мүнөзү айбанаттай,
Акмак жүрөт арада байкалбаган.

Бир сырыңды бүгүнчө ката турчу,
Бир саамга өзүңдү баса турчу,
Сыйлуу конок үлпөтүн күзөткүчө,
Сыр алдырбай күлкүңү чача турчу.

* * *

Кыйын кезде кыраакылык жолун изде,
Кантсе дагы ар жагынан оюң түздө,
Туура сүйлөп тууганыңа жакпасаң да,
Турмушуңда жакшылыктан үмүт үзбө.

Жакшы түштү өзүнө атаган бар,
Жан кечтинин күнүндө жашаган бар,
Жанга сүйкүм жылмайып күлүп коюп,
Жамандыкты тымызын жасаган бар.

Кайрымдуулук кылбаган калк ичине,
Карикиикти жыйнаган ал күчүнө,
Байлыгына баа жеткис болсо дагы,
Бар жогуңду билдирбе тар кишиге.

Эрдик кылып бел байласаң катылып,
Эрегиште калбагын тез басынып,
Көөдөн жая чыккын асыл майданга,
Көмүскөдө турба өзүңдү жашырып.

* * *

Кыяпаттап бөөдө жаман көрүнбө,
Кыйгач басып көпчүлүктөн бөлүнбө,
Кайгырсаңда кайра келбейт өткөн күн,
Калыс жаша бир жаралган өмүрдө.

Кыска ойлоп кызуулукка алдырба,
Кысталышта шайтан отун жандырба,
Кагыштырып калк арасын бүлдүрүп,
Касташтырып моокумунду кандырба.

Оомат келип толуп турган куракка,
Оолукпастан көз жүгүрткүн узака,
Дөөлөтүңө чиренбегин мас болуп,
Дөө болсоң да илинесиң тузакка.

Жылдыз сермеп уча бербе жел менен,
Жыйган мүлкүң бирге кетпейт сен менен,
Акыретте ким болсоң да бирдейсиң,
Алың барда аралашкын эл менен.

* * *

Түптөлбөгөн жаш чырпыкты кыйбагын,
Түз жүргөнгө кыянаттык кылбагын,
Асылзаада, аруу таза инсанды,
Андайларды ардактагын, сыйлагын.

Буудан дебе үйүрүнөн качканды,
Тууган дебе сыртын салып басканды,
Бирге жүрүп байкатпастан жолуңа,
Билдирбестен таштап коёт капканды.

Сансыз оюн, оюңа кынап турат,
Салам жолун үзбөстөн улап турат,
Жамалынан жаркырап нурун төгүп,
Жакшы тууган алыңды сурап турат.

Мен досторго ар убак кол сунамын,
Маектешип кез-кезде олтурамын,
Коөдөндөгү сырлардын баарын ачып,
Көңүл черин сый менен толтурамын.

* * *

О адамзат жашоодо тынбайт экен,
Ойлогону көөдөнгө сыйбайт экен,
Каалаганын кадиксиз жаратам деп,
Кара жанын карч уруп кыйнайт экен.

Бул жашоонун учу-кыйырын биле албай,
Бузукуга келем дайым тил албай,
Эңсөөм артып, көөдөн толкуйт деңиздей,
Элим үчүн анык жумуш кылалбай.

Канчалар бар изилдеген илимин,
Калк ичинде мен да көптүн биримин,
Окшободум шылуундарга, нааданга,
Ошол жактан же тайкыдыр билимим.

Кана курбум жүзүң турат албырып,
Кайгырбагын карылыкка алдырып,
Бул жашоонун кызыгы көп алдыда,
Бир басалы көңүл кушун жандырып.

* * *

Болбогонду болтурам деп нетебиз,
Бой көтөрүп кай мураска жетебиз,
Тартынсак да, талпынсак да баары бир,
Таштап бир күн бул дүйнөдөн кетебиз.

Өрөөн бойлоп өр карай келеличи,
Өмүр гүлүн аралап тереличи,
Жакшылыктын кыраакы жолу менен,
Жамандыкты ар убак жеңеличи.

Жашоо кандай керемет билеличи,
Жаратылыш келбетин сүйөлүчү,
Жараткандын өзүнө таазим этип,
Жакшылыктын нугунда жүрөлүчү.

Ойлоп ойго батасың дүйнө кенен,
Ошондуктан ар жагын ойлоп терең,
О адамзат жаралган бул өмүрдө,
Ойноп күлүп өтөлү сый-урмат менен.

## ОЙ ТҮРМӨКТӨРҮ

Кут жараткан Алланын,
Кудуретин таанығын,
Бир кем дүйнө аманат,
Билип жүргүн аныгын.

Саясатты көп эле,
Салтка айлантып көнбөгүн,
Санжыралуу элиңди,
Сан түркүнгө бөлбөгүн.

Кылым шамын жандырып,
Кыраакы жол издегин,
Кырчын курак барында,
Кыргыз үчүн иштетин.

Салымыңды жаратып,
Сапарыңа жөнөгүн,
Сергек таза жашоого,
Сезимиңди бөлөгүн.

Нарк-насилин көтөрүп,
Намысыңды бек сакта,
Нагыз болсоң ортого,
Насыяттуу кеп ташта.

Иштеп эмгек жолунда,
Ийне менен кудук каз,
Илим улап терендеп,
Ийгиликтүү тарых жаз.

Чырпыгынан таптаса,
Чынар болуп көгөрөт,
Чым тамыры бириксе,
Чырмалышып көбөйөт.

Жакшы жолдош жанга дем,
Жарпын жазып күлүп жүр,
Доо кетирбей абайлап,
Дос кадырын билип жүр.

Таттуу уйкуну күзөтүп,
Таңды тозгун утурлай,
Бал турмушту баалай бил,
Бакыт кушун учурбай.

Жараткандан өмүргө,
Жашоо келет бир жолу,
Жаралбайсың кайрадан.
Жалынсаң да миң жолу.



## АРУУ ТИЛЕК

Тар болуп мага кең дүйнө,
Табитим качты бул күндө,
Убайын тартып оорунун,
Уктабай чыгам кээ түндө.

От болуп күйүп бүт денем,
Оорутат боор, өт менен,
Онтоткон адам пендесин,
Ойлонтот экен дарт деген.

Көтөрүп оору күйүтүн,
Көңүлүм чөксө күнү, түн,
Көөдөнгө тирек бергенсийт,
Көксөгөн аруу үмүтүм.

Көп ойлойм кантем бир айлам,
Кайтса дейм оору ырайдан,
Сакайып кетсем болду деп,
Себебин тилейм кудайдан.



## ЖАШОО НУР, ДҮЙНӨ КЕРЕМЕТ

Ааламдын жүзү тегерек,
Айланып жашоо керемет.
Салтанат курган өмүргө,
Сараңдык кылуу не керек.

Колдо бар жашоо керемет,
Кордогон жаман тебелеп.
Наркыңды жайган турмушка,
Наадандык кылуу не керек.

Жүрөгүң согуп эркелеп,
Жүргөнүң кандай керемет.
Буйруган эркин жашоодо,
Бузуктук кылуу не керек.

Тазалык бойго себелеп,
Табигат кооз керемет.
Жарыгын чачкан жашоодо,
Жамандык кылуу не керек.

Жашоо нур, дүйнө керемет,
Жаралат адам бир ирет.
Өлчөмү сырдуу өзгөчө,
Өмүрдүн чегин ким билет.

Тунук ой үмүт жетелеп,
Турмушта баары эленет.
Бактылуу болсоң ыймандан,
Байлыгың ошол керемет.

## КАДЫР ТҮН

Алла Таала буйруган ошол күнүн,
Орозонун акыркы он күндүгүн,
Жараткандан ырыскы ыйман тилеп,
Мен да олтурам кадыр түн тосуп бүгүн.

О жараткан мээримиң төкчү бүгүн,
Жеңилдетчи пендеңин турмуш жүгүн.
Эң биринчи ааламга тынчтык керек,
Эл журтуңдун байкачы кандай түрүн.

Тилейм бүгүн жакшы тилек бир өзүңөн,
Дилим таза окуйм аят сүрөөсүнөн.
Суранарым пендеңи арылтып кой,
Билип, билбей жасаган күнөөсүнөн.

Жаркыраган ак шамың жагып койчу,
Жакшылыктын тумарын тагып койчу.
Улук экен бул түндүн касиети,
Улукманым көз кырың салып койчу.

## АРЗУУЛАЙТ АРУУ ТИЛЕГИМ

Жапжашыл токой бүр алып,
Жашарат мезгил уланып,
Айланып жазга жеткенге,
Адамзат барат кубанып.

Бой салып мезгил убакка,
Жүз чайып мөлтүр булакка,
Жаз жытын кере дем алып,
Жандуулар кирет кубатка.

Табигат кооз жаркырап,
Таң нуру тоого чачырап,
Тоо суусу бийик чамынып,
Толкундап агат шаркырап.

Жаз жамгыр сепсе үрөнүн,
Жалындап согот жүрөгүм,
Ала Тоо шаңга толсун деп,
Арзуулайт аруу тилегим.



## ЖҮРӨГҮҢ ЖАШТЫК УЧУРДАЙ

Жаштык кез жаздын тушундай,
Жаркырап турат утурлай,
Жашоодо жүргөн бар бекен,
Жаштыгын колдон учурбай.

Абалтан турмуш ушундай,
Аракет жасап утурлай,
Көзүндүн курчу кетсе да,
Көңүлүң жаштык учурдай.

Байыртан жашоо ушундай,
Барасың мезгил утурлай,
Жүз жылга чамааң жетсе да,
Жүрөгүң жаштык учурдай.

## ОЙЛО АДАМЗАТ

О адамзат, оң ойло,
Ой жаралбайт оңойдо,
Ой түрмөгү сан түркүн,
Ошол жагын чоң ойло.

Көз жүгүртүп алыска,
Келечегиң кең ойло,
Эсиңде турсун Ата Журт,
Эл жериңи тең ойло.

Эпкиндүү жасап эмгекти,
Эл журтуң камын көп ойло,
Булутту минип чапсаң да,
Бурулуш жолуң бек ойло.

Өзүңдү жүрсөң эр ойлоп,
Өзгөлөрдү шер ойло,
Ааламды бийлеп турсаң да,
Алды артыңды көп ойло.

Ар жумушту жаратып,
Акыбетин ак ойло,
Адал иштеп ар убак,
Акыретти дагы ойло.

Жакшы бүткөн ишиңди,
Жаркыраган күн ойло,
Жаман көргөн түшүңдү,
Жатып алып түн ойло.

Бул жашоого жаралып,
Келгениңди бир ойло,
Жакшы жумуш жаратып,
Кетериңди миң ойло.



## АГАРЫП ЧЫККАН КҮНДҮН БАТАРЫ БАР

Байлыктын келмейи бар, кетмейи бар,
Бакыттын байкалбастан өтмөйү бар,
Баардыгы бааланбаса учурунда,
Балбылдап жанган шамдын өчмөйү бар.

Турмуштун түйшүгү бар, жыргалы бар,
Жашоонун үзүрү бар, кырдаалы бар,
Тушунда мезгилге шай жаралуучу,
Туйбаган тунуп жаткан сырлары бар.

Өмүрдүн кайгысы бар, күлкүсү бар,
Өзөндүн ойдуңу бар, түздүүсү бар,
Алланын сыноосунда сапар тарткан,
Ааламда адамзаттын түрдүүсү бар.

Ай сүргөн аппак таңдын атары бар,
Ар башта бир өлүмдүн катары бар,
Аздектеп кучагында эркелеткен,
Агарып чыккан күндүн батары бар.



## АК ТИЛЕК

Ачылсын бакыт жолуңар,
Бир болсун дайым оюңар,
Шайырлар ырдап, бий бийлеп,
Шандансын бүгүн тоюңар.

Гүлдесте кармап колуңар,
Гүлдөсүн турмуш жолуңар.
Ак тилек каалоо айтылып,
Ардактуу өтсүн тоюңар.

Болдуңар жаңы үй бүлө,
Болжолго жетип үлгүрө,
Тагдырдын жазган жолунда
Таалайлуу өмүр сүргүлө.

Жашоону барктай билгиле,
Жакшы үмүт нарктай жүргүлө.
Башталган турмуш жолунда,
Бактылуу өмүр сүргүлө.

## ЖАКШЫНЫН ТИЕТ ЖАРЫГЫ

Замандын болот тарыхы,
Ааламдын болот жарыгы.
Ардакташ болсо адамзат,
Алыска кетет тамыры.

Сездирбей гүлгүн чагыңы,
Мезгилдин өтөт агымы.
Жашоого кубат дем берген,
Жакшынын болот салымы.

Эмгектин асыл ачкычы,
Эр жигит устат жакшысы.
Ийгилик дайым жаралат,
Ишкердүү болсо башчысы.

Бакыттын алтын ачкычы,
Баа жеткис адам жакшысы.
Кайрымдуу болсо элине,
Кадырлуу болот башчысы.

Эр жүрөк баатыр сынында,
Элиңен чыкса чынында.
Жараткан улуу эмгеги,
Жазылып калар кылымга.

Кайраты шумкар сынында,
Калкыңан чыкса чынында.
Аткарган ар бир иштери,
Айтылып калар кылымга.

Ааламдын байкап сырында,
Акылман чыкса чынында.
Мекенге салым жаратар,
Мезгилдин ар бир жылында.

Береке кени жерде бар,
Беделдүү инсан элде бар.
Сырдашкан асыл адамды,
Сыйлоодон артык эмне бар.

Турмуштун болот элеги,
Түйшүксүз бакыт келеби.
Айылында жакшы көп болсо,
Ар убак тиер кереги.

Жашоонун болот агымы,
Жазылып барат тарыхы.
Жанаша жүрсөң жакшыга,
Жакшынын тиет жарыгы.



# АТА МЕКЕН,

# ЭЛ,

# ЖЕР

# ЖӨНҮНДӨ

## АТА ЖУРТ

Ата Журтум туулуп өскөн мекеним,
Алыстасам куса болуп кетемин.
Сезимдерим бир өзүңө чырмалып,
Сен дегенде түн уйкумдан кечемин.

Чаңкаганда суусунуңа канамын,
Чарчаганда көк шиберге барамын.
Бийик чыксам аска-зооңу аралай,
Бир өмүргө мен жашара каламын.

Суктандырат чалкып жаткан төрлөрүң,
Суулары мол түрдүү кооз жерлериң.
Жашооуңа эргүү кубат березин,
Жаралгандан ар бир асыл пендеңин.

Көкөлөтүп ысмың бийик атаймын,
Койнуңда мен дайым эркин жашаймын,
Өмүрүмүн деми сенсин Ата Журт,
Өзүң үчүн талбай эмгек жасаймын.



## АЛА ТОО ЫЙЫК МЕКЕНИМ

Айланага көз жүгүртсөм бүгүн мен,
Аалам көрктүү жайнап турат дүнүйөм,
Алла буйруп, Теңир жалгап журт кылган,
Ала Тоодой мекениме сүйүнөм.

Эй Ала Тоо, Ата журтум үйүмсүң,
Элиң жайнап төгүп турат сүйүүсүн,
Улуу Манас урпактары жайлаган,
Ураан салган кыргызымдын үнүсүң.

Ак мөңгүлүү сууң таза шаркырап,
Аска зооңон бүркүт, кушуң талпынат,
Ай ааламга тегерете нур чачат,
Асыл таштуу алтын кениң жаркырап.

Калптангандын кабар учун билесиң,
Карт тарыхтын бардыгына күбөсүн,
Күмүш тоолор гүл жытына бөлөнүп,
Күн нурундай берекеңди төгөсүң.

Сен бийиксиң, сен ыйыксың улуусуң,
Сен ааламда көркүң кооз сулуусуң,
Сан кылымдап жашап келген койнуңда,
Санжыралуу кыргызымдын туусуң.

Мезгил сырын кылдат сактап өтө бер,
Мекениме мээримиңди төгө бер,
Кең Ала Тоом кереметиң нурданып,
Кең пейилдүү элиң менен өсө бер.

## ЫРЫСТУУ ЖУРТУМ «ЫНТЫМАК»

Кан жолдун бою шамалды,
Кайтарат баскан кадамды,
Капталдан сокон муздак жел,
Кайратка салат адамды.

Бабалар улуу баскан жер,
Бал кымыз суусун таткан жер,
Байыралган журттуу гүлдөткөн,
Байлыгы тоодой ашкан жер.

Жемиши түрдүү төгүлгөн,
Желбиреп туусу көрүнгөн,
Ыргагын баскан ар бир жан,
Ырахат алат өмүрдөн.

Жүрөгүм толкуп ар убак,
Жүрөмүн дайым ыр курап,
Ыймандуу таза, эли бай,
Ырыстуу журтум «Ынтымак».



## ГҮЛДӨЙ БЕР НООКЕНИМ

Эгини жайнап кулпурган жерим,
Эмгектен бакыт жасаган элим,
Аскасы бийик тоолору көрктүү,
Ардактуу журтум Ноокеним менин.

Нурларын чачты мезгилдин таңы,
Кооздоп түшкөн үйлөрүң жаңы,
Көп улут жашап бирдиктүү болуп,
Түптөнүп өскөн калкыңын саны.

Ааламга жайган кучагың кенен,
Тарыхта сенин сырларың терең,
Шаңданттың бүгүн элеттик жылың
Жетимиш жылдык майрамың менен.

Кен байлык ташсын жериңен кайнап,
Булбул куш турсун бакчаңда сайрап,
Ноокеним гүлдөп өркүндөп улам,
Кылымдап улам өсө бер жайнап.

*1998ж.*



## ЖАЙНАЙ БЕР ӨСҮП КЫРГЫЗЫМ

Кыргызым шайыр элденсиң,
Карытып кылым келгенсиң.
Кучагын жайган меймандос,
Кең пейил асыл пендесиң.

Көз кырың алыс салгансың,
Көңүлдү туура алгансың.
Жайдары мүнөз шамдагай,
Жаралган асыл жандансың.

Кут жанып турат жериңде,
Жашайсың бейиш төрүндө.
Тагдыры татаал жол баскан,
Тарых бар кыргыз жөнүндө.

Бир жансың артык көрүнбө,
Билип кой тегиң жөнүндө.
Санжыра айтып көп эле,
Сан-санга элим бөлүнбө.

Жашоонун деми теңирде,
Жакшы үмүт турса көңүлдө.
Биримдик улуу ар убак,
Бир келген асыл өмүрдө.

Чүй боору Бишкек калаасы,
Ысык-Көл, Нарын, Таласы,
Жалалабат, Ошу, Баткени,
Жамааташ элим арасы.

Төлгонун айдын карачы,
Толкундап элдин санаасы.
Тарыхын жайган кыргыздын,
Тайманбас баатыр Манасы.

Душмандын мизин кайтарган,
Кубалап жүрүп жоо сайган.
Табылды, Төштүк, Курманбек,
Тарыхта өчпөс алптардан.

Кызматы жанга ченегис,
Кыздарын айтып келебиз.
Кыз Сайкал, Жаңыл мырзалар,
Курманжан датка энебиз.

Аздектеп үлгү алабыз,
Ар убак сыймыктанабыз.
Алаамга кеткен атагы,
Айтматов Чыңгыз агабыз.

Куүлөнүп кукук табындай,
Күнү-түнү айтса жаңылбай,
Сан түркүн ойчул манасчы,
Саякбай менен Сагынбай.

Башкарып элин барышкан,
Башчысын шайлап калыстан.
Балпайган Бакай, Кошойдой,
Бабалар өткөн даанышман.

Төмөндөн өргө тыңдаган,
Төгүнүн төргө жыйнаган.
Урматын коюп жайына,
Улууну кичүү сыйлаган.

Эл үчүн ойго тартылган,
Эмгеги чексиз айтылган.
Туу кылып кыргыз мурасын,
Турмушка изин калтырган.

Нарк, нуска, каада салт менен,
Намысын колдон бербеген,
Абасы таза, суусу мол,
АлаТоо койнун жердеген.

Мезгилин үндөп даңктаган,
Мекенин сүйүп барктаган.
Абалтан кыргыз бирдиктүү,
Ата Журт чегин сактаган.

Бийлике калыс туруу бар,
Биригип бардык уруулар.
Кызматын жасап келишкен,
Кыргыз деп күйгөн улуулар.

Өткөнгө жалпы бир карап,
Өмүргө алсак бир сабак.
Көргөнгө аста бир карап,
Көңүлгө алсак бир сабак.

Үйрөнүп биз да колдойлу,
Үлгүсүн алсак болбойбу.
Унутсак ата мурасты,
Улуулар айып койбойбу.

Келечек үчүн ойлойлу,
Кемтигин бүтөп оңдойлу.
Сан кылым баскан кыргыздын,
Сайраган тилин коргойлу.

Жашоонун нугу иргелип,
Жараткан жарык нур берип.
Эл журттун ачты мүдөөсүн,
Эгемен жашоо күн келип.

ООНго  колуң сунулду,
Ооматың өргө бурулду.
Кыйлага жакын таанылып,
Кыргыздын үнү угулду.

Тургуздуң эркин аралды,
Тууруңа шаттык таралды.
Алыска жүзүң көрүнүп,
Атагың аста таралды.

Ала Тоо асыл жеримден,
Айланам кутман элимден.
Ааламга жайып кучагын,
Аймагың турат керилген.

Дүйнөдө түркүн эл экен,
Достукка пейилиң кең экен.
Каада-салт күтүү жагынан,
Кандай эл сага тең экен.

Байлыгың баалуу көп экен,
Баштаган жолуң кең экен.
Асмандын нуру төгүлүп,
Артылып турат берекең.

Жаштарың алып сыйлыгын,
Жаңыртты үнүн кыргыздын.
Дүйнөнү таанып умтулуп,
Дүнгүрөп өстү уул-кызың.

Жүрөккө басар сыймыгым,
Жүзүңөн жансын жылдызың.
Жашоодо бакыт жаралып,
Жайнай бер өсүп Кыргызым.



## ӨНҮКСҮН КЫРГЫЗ КАЛКЫБЫЗ

Ааламда түрдүү жаңылык,
Ар күнү жаңы табылып,
Адамзат барат утурлай,
Ар кандай жолго кабылып.

Жашоодо түрдүү жаңылык,
Жаралат мезгил жаңырып,
Өлчөмү чеги сезилбей,
Өмүрлөр өтөт агылып.

Аңтарып тарых барагын,
Алысты келет карагым,
А бирок алсыз көрүнөт,
Айлана чөйрө тарабым.

Колго алып тарых барагын,
Коомду келет карагым,
Жалпы журт бирдей алалбайт,
Жашоодо турмуш талабын.

* * *

Бурулуш жолду бир басып,
Буулугуп кээде мундашып,
Буйругун көрүп келебиз,
Буйдалып далай кырды ашып.

Эгемен жолду тең басып,
Эрикпей алга ымдашып,
Эмгегин жасайт калың журт,
Энтигип татаал белди ашып.

Үнөмдөп ар бир мүнөттү,
Үстөккө коюп түнөктү,
Үмүтү толбой санаркап,
Үйрүлүп далай күн өттү.

Сабырды сандап түгөттү,
Сарсанаа кылып жүрөктү,
Кыстаган турмуш түйшүгү,
Кыйланы чексиз жүдөттү.

* * *

Өндүрүш токтоп жылалбай,
Өрнөктүү жумуш кылалбай,
Өксүдү  коом арасы,
Өзөгүн нукка буралбай.

Бириккен күчтү тыялбай,
Биримдик жолго кире албай,
Билерман андан көбөйдү,
Бирине бири тил албай.

Алдуулар бийик көрүнүп,
Алсыздын жашы төгүлүп,
Кейитти жашоо турмушту,
Кембагал, байга бөлүнүп.

Абийирсиз күчтөр жаралып,
Ач көздөр чыкты жаланып,
Баа жеткис ички өлкөнүн,
Байлыгы кетти таланып.

* * *

Мансапка бири чөмүлүп,
Байлыкка кээси көмүлүп,
Тилеги калыс чындыктын,
Тигиши кетти сөгүлүп.

Кызарган беттен нур кетти,
Кымтылган белден кур кетти,
Акыйкат көзгө көрүнбөй,
Арадан урмат-сый кетти.

Чагылган оттой тутамы,
Чачылды бирдик бутагы,
Жылдызы тайып маңдайдан,
Жыйылды жайган кучагы.

Кен байлык соода жактарын,
Кетирип баркын акчанын,
Сапаты кетти төмөндөп,
Сары алтын, көмүр, пахтанын.

* * *

Мекендин жүгүн аркалап,
Мезгилдин күүсүн кайталап,
Өзөкө жалын өрт кетип,
Өкүнүп турат ар тарап.

Турмуштун жүгүн аркалап,
Турпатын аста калкалап,
Сынбатын бойдон кетирип,
Сыздап бир турат чартарап.

Андасак бүгүн өткөндү
Алыска жаштар көчкөндү,
Ак калпак эли суюлуп,
Ала Тоо койну бөксөрдү.

Байкасак бүгүн өткөндү,
Батышка жаштар көчкөндү,
Байыр алган журту ээндеп,
Башкалаа чексиз бөксөрдү.

* * *

Түрткүнчөк болуп тайгада,
Түйшөлүп жашоо кайгыга,
Кайратман нечен инсандар,
Кайталбай жүрөт айылына.

Алданып акмак кардалга,
Андагы ыксыз жайларда,
Санаада жүрөт канчасы,
Сатылып түрдүү байларга.

Аялы кетсе бирөнүн,
Күйөсү кетип бирөнүн,
Төрбөлжүн төрдө сумсаят,
Төгүлүп куту үйлөнүн.

Максаты анык барышта,
Маанилүү жумуш табышта,
Балдары мында, өзү анда,
Ата-эне жүрөт алыста.

* * *

Чырмалып турмуш заарына,
Чыдабай жоктун каарына,
Баш кошкон жаңы жубайлар,
Байыр алды орус шаарына.

Кээ бири жумуш жогунан,
Кечкече уктап соолуган,
Жоюлуп барат күн сайын,
Жокчулук деген оорудан.

Геркисин чукуп чабам деп,
Кереке бир ууч табам деп,
Өр карай шилтейт кадамды,
Өлбөгөн жанды багам деп.

Таңда, кеч тынбай айланган,
Тытмалап талаа сайлардан,
Тазалап баарын шыпырат,
Таштанды төккөн жайлардан.

* * *

Урматтап улуу элимди,
Улайын айткан кебимди,
Чыдабай кантип турайын,
Чыгарбай ички демимди.

Унутуп көктө Теңирди,
Үмүтсүз ойго жеңилди,
Ийкемдүү нечен инсандар,
Ичкилик жакка берилди.

Жоолаша басып жанашып,
Жоосунсуз сөзду талашып,
Жолунан тозот өткөнду,
Жолборстой тиктеп марашып.

Тамтандап үйгө кире албай,
Талкалайт баарын тил албай,
Түнөрүп турат эртеси,
Түшүбү, өңүн биле албай.

* * *

Алкымын тыйбай арактан,
Арылбай жаман адаттан,
Көбөйду шумдук ичкичтер,
Көңүлгө кайгы жараткан.

Тартипке бурбай көңулду,
Тарбия куту төгулду,
Өрчүгөн курғур ичкилик,
Өксүттү далай өмүрду.

Коомго бурбай көңулду,
Коргоонун күчү төгулду,
Колтукка сиңген ичкилик,
Кордоду нечен өмүрду.

Дуулатат бир аз шарактай,
Душман ичкен арактай,
Курутат гүлгүн өмүрду,
Курт жеген эски дарактай.

* * *

Жашоодо жакшы, жаман бар,
Жаралган ар кыл адам бар,
Жалпы журт ичин андыган,
Жашынып баскан кадам бар.

Ушундай адам сөрөйдү,
Уятсыз эне төрөйбү,
Убайга салган коомду,
Уурунун саны көбөйдү.

Күнөлүү болсо бир адам,
Күмөндөр болот миң адам,
Кылчайып эки жагына,
Кыйшаңдап турат кир адам.

Талбастан ууру басыштан,
Талаалап жүрүп дасыккан,
Ичине кирип өзгөнүн,
Имере сүйлөп машыккан.

* * *

Үшкүрүп айтып жалганды,
Үйрөтүп жөндүү балдарды,
Кубалап айдап талаадан,
Курутту элдик малдарды.

Үйүрлөп жылкы айдаган,
Үркөгүн таңып байлаган,
Үркөрлүү жылдыз баткыча,
Үлгүрүп баарын жайлаган.

Көнүмүш адат уурулук,
Көмөчтөй түшөт куурулуп,
Капчыгын замат бошотуп,
Кайра эле чыгат суурулуп.

Көкөлөй бассаң кыяны,
Көрөсүң коррупцияны,
Караган менен айла жок,
Калптанып калган сыягы.

* * *

Талаада токой кыйылып,
Таңуулап тал, тал жыйылып,
Көрктөнгөн жаратылыштын,
Көркөмү барат суюлуп.

Алмашып түрдүү буюмдар,
Алыска кетти уюлдар,
Тоноду тоонун жыгачын,
Токойдон чыккан кыйындар.

Көз салып көптү арбаган,
Көргөнүн жутуп жалмаган,
Шылуундар ичте көбөйдү,
Шыпыра сүйлөп алдаган.

Арада түрдүү элдер бар,
Адамды ылгап бөлгөн бар,
Жуурулуп көптү аралай,
Журт ичин бузуп көнгөн бар.

* * *

Көйгөйду үйүп салган бар,
Көкүрөк толо арман бар,
Көөдөнүң сыздап турса,
Көнбөскө канча аргаң бар.

Эл көрүп турган мындайды,
Ээбиз көңүл бурбайбы,
Ээн баш бузук акмакты,
Элеттин куту урбайбы.

Башкалаа көрүп турганды,
Башчыбыз көңүл бурбайбы,
Башталган жаман илдетти,
Башынан кудай урбайбы.

Тескери колдон гүл өнбөйт,
Телмирип өзү күмөндөйт,
Тетири кыял жөрукту,
Термелеп айтсаң түгөнбөйт.

* * *

Жасалма колдон гүл өнбөйт,
Жалтанып өзү күмөндөйт,
Жагымсыз кыял жорукту,
Жалпылап айтсаң түгөнбөйт.

Айтканды жаман көрбөйлү,
Араны жикке бөлбөйлү,
Ак калпак элим бир болуп,
Ааламды көздөй өрдөйлү.

Дегенди жаман көрбөйлү,
Дегеле журтту бөлбөйлү,
Депутат, бийлик биригип,
Дүйнөнү көздөй өрдөйлү.

Ийгилик жолдо бир туруп,
Илгери карай умтулуп,
Ирээтеп кадам таштасак,
Ийменип турат өзгө улут.

* * *

Жамаатташ болуп бир туруп,
Жашоодо алга умтулуп,
Жалпылап кадам таштасак,
Жазганып турат өзгө улут.

Таанымал журттун баркы улук,
Тарыхта элдин салты улук,
Күкүмүн журттун чачпайлы,
Күжүрмөн элим бар туруп.

Ырыстуу байлык артылып,
Ыйманга жалпы тартылып,
Улуу эл наркын сактайлы,
Урпакка мурас калтырып.

Жакшыны көзгө илели,
Жашоодо ынак жүрөлү,
Өрнөктүү жолдо баралы,
Өстүрүп алга бүлөнү.

* * *

Дүйнөнү барктап сүйөлү,
Дүйнө элин сыйлай жүрөлү,
Доорлош болуп көп менен,
Достукта өмүр сүрөлү.

Жарашат элдик салтыбыз,
Жанаша жүрсөк жалпыбыз,
Бийикке аста жетебиз,
Биримдик болсо калкыбыз.

Ала Тоо ыйык жерибиз,
Анда көп асыл кенибиз,
Ырыстуу жашоо мол болот,
Ынтымак болсо элибиз.

Жыргалын журттун теңдейли,
Жылдызга колду сермейли,
Нак кыргыз болуп өнүгүп,
Намысты колдон бербейли.



## САЛТЫБЫЗДЫ СЫЙЛАЙЛЫ

Бүркүт салып мекендеген жерине,
Боз үй тигип конок күткөн төрүнө,
Аруу тилек арзуу ойду сунамын,
Ак калпактуу асыл кутман элиме.

Үч кыл комуз күүгө салып байыртан,
Үрп-адатын үлгү менен жайылткан,
Ордолу журт кең пейилдүү кыргыз эл,
Орун алган улуу элдик тарыхтан.

Сан байлыктуу Ала Тоону жердеген,
Сактап элин колдон намыс бербеген,
Көркөм өнөр, каада-салтын көрсөтүп,
Көз карашын бүт дүйнөгө теңдеген.

Кыргыз эли улуу жолду баскан эл,
Кыргыз эли нечен ашуу ашкан эл,
Кыйын кезде кылчайбастан умтулуп,
Кыргыз эли өз бактысын тапкан эл.

Кыргыз эли ташка тамга баскан эл,
Жорго минип тулпар күлүк чапкан эл,
Таржымалын таамай айтып талбаган,
Ташкындаган таланттарды тапкан эл.

Оодарышта атка ыкчам шайман эл,
Эр сайышта эңип найза сайган эл,
Ак батасын сый-урматын тартуулап,
Аруу тилек ак дасторкон жайган эл.

Көп жыйында көк бөрүнү тарткан эл,
Көздөп келген далай жоону чапкан эл,
Көтөрүлгөн душмандарды багынтып,
Көкөлөтүп жеңиш туусун таккан эл.

Баскан жолун даңазалуу даңктаган,
Тайманбастан алга кадам таштаган,
Эл жер үчүн өз өмүрүн арнаган,
Эрлери көп баатырлары баштаган.

Улуулардын алга кадам койгонун,
Урматтайлы бийик максат ойлорун,
Урпактары улуу элдин биз дагы,
Унутпайлы улантуунун жолдорун.

Аталардын наркын жолдоп оболу,
Ата журтка чексиз салым кошолу,
Достук үнүн жергебизде жаңыртып,
Доорубузду кучак жая тозолу.

Таалай нурга, ырыс кутка бөлөнүп,
Кең ааламга улут көркү көрүнүп,
Жер жүзүнө эркин жайнап тололу,
Жети дубан ынтымактуу өнүгүп.

Жараткандын жакшылыгын колго алып,
Жакшылыктан жаш муундар үлгү алып,
Кереметтүү салтты сыйлап өсөлү,
Келечекке биримдиктүү жол салып.

## САКЧЫ ЖООКЕР

Эр жетилип эр азамат болгонуң,
Элдик болуп эрезеге толгонуң,
Армиянын катарына кошулуп,
Антың берип ээси болдуң коргоонун.

Сакчы жоокер мөөнөтүңдү башкарып,
Сарамжалдуу кызматыңда такшалып,
Салымыңды Мекен үчүн жаратып,
Сакта чекти милдетиңди аткарып.

Айланага жанып турсун ажарың,
Ардагысың сен үмүткер атанын,
Ала Тоонун чегин коргоп талыкбай,
Ата Журтка кызматыңды жасагын.

Биримдиктин берекеси агылып,
Тынчтык үнү жергебизде жаңырып,
Эгемендүү турмушубуз гүлдөсүн,
Эркиндиктин туусу бийик тагылып.

Кас душмандын талкалаган нечени,
Калкан болуп коргоп келген мекенин,
Урпагысын кан Манастын эр жүрөк,
Унутпагын журтуң улуу экенин.

Аскер күчү улам алга чыңдалып,
Ар намысты ыйык тутуп колго алып,
Сакчы жоокер сапарыңды күзөтүп,
Сакта чекти кызматыңда даңкталып.

# АШЫКТЫК, МАХАБАТ ЫРЛАРЫ

## ТАБЫШМАК СЫРДУУ ПЕНДЕСИҢ

Кыялга бүткөн эркесиң,
Кылчайып кашты серпесиң.
Жүдөтүп ички сезимди,
Жүрөктүн кылын чертесиң.

Көңүлгө бүткөн эркесиң,
Көйкөлүп кашты серпесиң.
Көз отуң менен жандырган,
Көмүскө сырдуу пендесиң.

Таалайга бүткөн эркесиң,
Тамылжып кашты серпесиң.
Табалбай калам айламды,
Табышмак сырдуу пендесиң.



## КАНТИП МЕНИ УНУТТУҢ

Күлмүңдөгөн карагаттай көзүңдү,
Күндө укчумун балдай таттуу сөзүңдү.
Таалайыма конгон кушту учуруп,
Таппай калдым таң сүрүлүп өзүңдү.

Тумчуктум мен арасында булуттун,
Алоолонгон жүрөгүмдү суутун.
Аруу тилек, арзууларды сыздатып,
Асылкечим кантип мени унуттуң.

Жетигенден жерге карай төгүлдүм,
Жеталбастан алсызданат өмүрүм.
Өктөм тагдыр өзөкө-өрт салды бейм,
Өзүңдү ойлоп чөгүп барат көңүлүм.

Жабыркаган жансыз ойлор агылып,
Жалдыраймын жаштыгыма багынып.
Жал, жал карап жаркыраган айылыңды,
Жароокерим турам сени сагынып.



## КЫЗДЫН СЫРЫ

Алтындан сөйкө билерик,
Аздектүү ойду жиберип.
Асылы кылып жүрөктүн,
Алсам дейм сизди имерип.

Күмүштөн сөйкө билерик,
Күтүлгөн ойду жиберип.
Гүлдесте кылып алсам дейм,
Күнүгө сизди имерип.

Айтканым менин түбөлүк,
Антташып бирге жүрөлүк.
Тагдырлар балким бир болсо,
Таалайлуу өмүр сүрөлүк.



# ГҮЛ КУЧАКТАП ЖАНЫНДА МЕН БОЛОЮН

Жалгыз сен деп жашоодо ойлоноюн,
Жабыркаеып өзгөдөн коргоноюн.
Жаным секет жалтанба, жал-жал карап,
Жароокериң жакының мен болоюн.

Учурашуу канча ирет болжомоюн,
Уктаганда уйкудан толгоноюн.
Узун түндө жамынып элесиңди,
Улуу таңда өзүң деп ойгоноюн.

Таалайыңа жаралган дем болоюн,
Тагдырыңа өмүрлүк тең болоюн.
Күлкүң коштоп жылытчуу күнүң болуп,
Гүл кучактап жанында мен болоюн.



## МАХАБАТ ТАҢЫ

Гүлгө оронгон гүлгүн куракта,
Күн шооласын чачкан убакта,
Турчу элекбиз жүзүбүз чайып,
Тоодон аккан тунук булакта.

Жүргөнүбүз аста жанашып,
Жүзүбүзгө күлкү жарашып,
Тамашага моокум канчубуз,
Табышмактуу сырды талашып.

Тоо гүлдөрдүн жыттап түрлөрүн,
Булбул куштун тыңшап үндөрүн,
Кыялдана бирге басчубуз,
Кызыгына батып дүйнөнүн.

Өзөн бойлоп сейил багында,
Өзүң болуп дайым жанымда,
Маек куруп тоодон кайтчубуз,
Махабаттын атаар таңында.



## СУКТАНАМ КАРА КӨЗҮҢӨ

Жүзүңдү менден качырып,
Жүрөсүң сырың жашырып,
Туйгундай мүчөң келишип,
Туйлайсың туйбай ашыгып.

Көктөгү айдай жанасың,
Көз кырың кыйгач саласың,
Тарыта бербей көңүлдү,
Тапсаңчы жүрөк дабасын.

Суктанам кара көзүңө,
Суранам көнчү сөзүмө,
Иймене басып назданбай,
Имерчи мени өзүңө.



## АРЗУУМДУ БИЛСЕҢ НЕ БОЛМОК

Жүрөктү эзген сыр козгоп,
Жүрөмүн дайым сени ойлоп,
Гүл букет кармап колума,
Күткөнүм билсең не болмок.

Көңүлдө жалгыз сени ойлоп,
Көздөрүм учат көл бойлоп,
Көркөмүң жанды кубанткан,
Көрүнүп койсоң не болмок.

Азабың тартам түн бойлоп,
Асылым сени көп ойлоп,
Арылбас дартка чалдыккан,
Арзуумду билсең не болмок.



## МЕН САГА КҮЛҮП КЕЛЕМ

Сыбызгып желдей учкан күлүк менен,
Сырларым көөдөнүмдө толуп белен,
Мелжиген аска зоолу, тоолорду ашып,
Мен сага күн нурундай күлүп келем.

Алоолоп жалындаган сүйүү менен,
Албырып кучагымды жайып кенен,
Ааламга жаркырата шоола чачкан,
Асманда ай нурундай күлүп келем.

Арзуум аруу тилек үмүт менен,
Асыл ой, ак сүйүүгө балкып денем,
Көлкүлдөп көкүрөгүм толкуп ташып,
Көңүлүм эргип сага күлүп келем.



## ӨКҮНБӨ

Сен өзүңдү баштагыдай сезбечи,
Сен экөөбүз жүргөн жаштык кез дечи,
Жалгыз мен деп бул жашоого келгендей,
Жал-жал карап жүрөгүмдү эзбечи.

Көп ойлонуп көңүлүңдү чөкпөчү,
Көмүскөдө сырларыңды төкпөчү,
Көрүшкөндө сыйкыр күчкө салчуудай,
Көздөрүңдү мага кадап өтпөчү.

Койчу жаным мени дале сүйбөчү,
Кайра ыктап мага жакын жүрбөчү,
Туура багыт түбөлүктүү баштаган,
Турмушумдун агымына тийбечи.

Мен тагдырды таразалап бөлө албайм,
Мезгил өттү баштагыдай көнө албайм.
Эркем кайда жүрсөң болду саламат,
Эми сага жарык шоола бере албайм.



## СҮЙҮҮ КЕРЕМЕТИ

Сүзүлүп карек ташталат,
Сүйүшкөн жандар каш кагат,
Сүйлөшүү сезим козголуп,
Сүйүүлөр түрдүү башталат.

Сүрдүгүп сөзүн кайталайт,
Сүйлөөгө тике жалтанат.
Сүйкүмдүү жылуу жүзүнөн,
Сүйүүлөр аста байкалат.

Сүйүүгө кылдат каралат,
Сүйүүдөн эргүү жаралат,
Сүйлөшүп таңды атырса,
Сүйүүдөн кумар таралат.

Сүйүүгө көңүл берилет,
Сүйүү деп жүрөк эзилет,
Сүйүүдө жашты ылгабай,
Сүйүшкөн жандар кезигет.

Сүйүү бул жашоо чырагы,
Сүйүүнүн келет убагы,
Сүйүү деп азап тарттырган,
Сүйүүнүн болот кумары.

Сүйүүдөн жүрөк жалындайт,
Сүйүүгө кимдер багынбайт,
Сүйүүнү ыйык тутпаса,
Сүйүүсүз бакыт табылбайт.

## АРЗУУҢ БАРБЫ МЕН ҮЧҮН

Сезимдин тартып үмүтүн,
Серпесиң кашты эмне үчүн,
Сымбаты тунук периштем,
Сырларың барбы мен үчүн.

Көңүлдүн тартып үмүтүн,
Көздөрүң жанат эмне үчүн,
Ойнок көз сулуу периштем,
Ойлоруң барбы мен үчүн.

Жүрөктүн тартып үмүтүн,
Жүрөсүң тиктеп эмне үчүн,
Маралдай сындуу периштем,
Максатың барбы мен үчүн.

Кыялдын тартып үмүтүн,
Кыйнайсың мынча эмне үчүн,
Ай тамак асыл периштем,
Арзууң барбы мен үчүн.



## СЕЛКИГЕ

Ак жоолук ороп салганың,
Азгырат мени ар дайым,
Акмалап карап жүрөмүн,
Арманым күчөп ансайын.

Кызыл бир жоолук салганың,
Кызартат көздү ар дайым,
Кыйгырдай болуп бой салган,
Кызыгыңа мен канбадым.

Жашыл бир жоолук салганың,
Жарашат сага ар дайым,
Жылдызың жанып балкыган,
Жытыңа сенин канбадым.

Түрлөнүп жоолук салганың,
Түйшөлтө берет ар дайым,
Түнөгүн тапса жүрөктөр,
Түбөлүк болбос арманым.



# КАЙКЫП БИР УЧАТ БОЗ ТОРГОЙ

Көкөлөп учат боз торгой,
Көздөгөн жакка токтолбой,
Көз кырың кыйгач салсаңчы,
Көңүлкеч жаным шоктонбой.

Кайкып бир учат боз торгой,
Канаатын күүлөп токтолбой,
Камыккан сырды туйсаңчы,
Кадыркеч жаным шоктонбой.

Кыраандан учат боз торгой,
Кылчая карап токтолбой,
Кыз сырын сыйлай билсеңчи,
Кыялкеч жаным шоктонбой.



## КЫЙНАБАЧЫ

Тагдырыма туш болуп багынтпачы,
Түшкө кирип түйшөлтүп жалынтпачы,
Саамай чачың салаалап сылап коюп,
Сагынтпачы мынчалык сагынтпачы.

Жашоо гүлүн жамгырга кайытпачы,
Жалындаган сүйүүнү карытпачы,
Табышмактуу сыр берип күлүп коюп,
Тарытпачы көңүлдү тарытпачы.

Толукшутуп сүйүүнү жыйнабачы,
Торго түшкөн балыктай туйлабачы,
Кыялдана жетелеп сезимимди,
Кыйнабачы жүрөктү кыйнабачы.



## СЕЗИМДЕГИ ОЙЛОР

Кыялым сен деп турса,
Кызыгын теңдеп турса,
Секетим мен кантейин,
Сезимиң кел деп турса.

Ойлорум учуп сага,
От болуп күйүп жана,
Жүзүңдөн сүйсөм деймин,
Жүрөгүм албууттана.

Күн болуп күлүп турчу,
Гүл бакка сейил курчу,
Арзыган махабатка,
Абайлап көңүл бурчу.

Ааламдын учу тереӊ,
Арылбас дүйнө кенен,
Аралай бир басалы,
Аздектүү өмүр менен.



## ГҮЛГҮН КЕЗ ӨТӨТ БИЛИНБЕЙ

Оюмда жүргөн сырды ачып,
Олтурам азыр ыр жазып,
Балалык кездер байкатпай
Баратат окшойт кырды ашып.

Жаш кезде ойноп тынбаган,
Жашоого көңүл бурбаган.
Жигиттик курак өтүптүр,
Жалындап жүрөк туйлаган.

Сейилдеп күндө талбаган,
Селкини көрсөк жандаган.
Сүйүүгө жанган кез кетти,
Сүйлөшүп кумар канбаган.

Бүрдөгөн дарак гүлүндөй,
Күлкүлөр күкүк үнүндөй.
Гүлгүн кез калып жатса да,
Күн өтүп барат билинбей.

Ай жарык түндө бир баскан,
Абайлап колдон кармашкан.
Айымдар анда калса да,
Ай өтөт токтоп калбастан.

Арзуу кез калып сырдашкан,
Артылып тоодон күн баткан.
Жылдызы жанып өмүрдүн,
Жыл өтөт токтоп калбастан.

Күнүгө күлкү тартуулап,
Күлмүңдөп турган гүл курак,
Алыстап барат сезилбей,
Алтындай тунук ал убак.

Жадырап жайнап эркелеп,
Жаралып жаштык бир келет.
Жайнаган ошол куракты,
Жалынсаң кайрып ким берет.



# ӨКҮНҮЧ

Тагдырым тарып бүгүн кайгырдыбы,
Талпынган канаттарым кайрылдыбы,
Аттиңай түтөп барам тайкы жолдо ,
Анттапкан жүрөгүбүз айрылдыбы.

Кармасам кучагымды жайып коюп,
Каткырып туйлачуусуң балык болуп,
Калтырып арман күүгө салып мени,
Кай жакка сиңип кеттиң кайып болуп.

Чырайың ай жүзүндөй тунук болуп,
Чыкпайсың түк эсимден унут болуп,
Агызып көз жашыңдын тамчыларын,
Асманга кеттиңби же булут болуп.

Алсырап мен сүйүүнүн гүлүн терем,
Алыстап элесиңе жетпей келем,
Өкүнүп жылдыздардын арасынан,
Өзүңдү издей берем, издей берем.



## СУЛУУГА

Сени сүйдүм бир көрүүдөн жактырып,
Сен карадың наристедей наз кылып,
Серпип кашың, оттой жанган көздөрүң,
Сезимимди уурдап алды азгырып.

Батынбадым сага бир сөз айтуудан,
Сен да мендей жан экенсиң тартынган,
Карегимди, карегиңе байлаган,
Кандай жансың үмүт отун жандырган.

Улутунуп жалдырасам кыйналып,
Унчукпайсың уурутуңан жылмайып,
Жомоктогу айдан түшкөн перидей,
Жоодурайсың жоогазындай бой салып.

Ачык асман астында сый болуп,
Арзуулаган аруу үмүт сыр болуп,
Жүзүң тунук мөлтүрөгөн периштем,
Жүрө берчи жүрөгүмдө ыр болуп.



## СЕЗИМДЕРИМ ТАЛПЫНАТ

Көңүлдөсүң жалгыз мага бүткөндөй,
Көздөн учат элестериң тынч бербей,
Таттуу уйкуда гүлзарларды аралай,
Таңды атырам сенден башка түш көрбөй.

Күлгүн кезиң күн нурундай жаркырап,
Күлүп койсоң жүрөк туйлап тартылат,
Балбыл жанган көздөрүңө жан эргий,
Балкып денем сезимдерим талпынат.

Учурашсам жүзүң сырдуу байкалат,
Уксам сөзүң кусалыгым таркалат.
Өзүң менен жолугушкан учурум,
Өзүнчө эле майрамдардай салтанат.



## БАЛ ТАМАТ ТАТТУУ ҮМҮТҮМ

Ак өргө тиктим сиз үчүн,
Аздектеп жасап күнү, түн,
Аруулук таза сезимим,
Арнаган таза сүйүүсүн.

Ак калпак сайдым сиз үчүн,
Коздоп сайма үлгүсүн,
Салаалап жанат нурданып,
Сагынган арзуу үмүтүм.

Ак шуру тактым сиз үчүн,
Арылбас алтын, күмүшүн,
От болуп жүрөк жалындап,
Ойлорум учат күнү, түн.

Байлыгым сиз деп мен үчүн,
Бал тамат таттуу үмүтүм,
Бардыгын сизге арнагам,
Бактылуу ошол күн үчүн.



# ТАБИЯТ ЖӨНҮНДӨ ЫРЛАР

## ТООЛОРУМ

Тоолорум көк тиреген чокуларың,
Толкундап ажарыңа мен турамын.
Белесиң безеленте обон созсо,
Берилип мен заматта кошуламын.

Тоолорум кең байлыктуу асылдарым,
Жанга дем жайнап турат жашыл багың.
Жараткан берекесин аябаган,
Жанып турат койнунда кут чырагың.

Тоолорум сууң тунук шаркыраган,
Ташында алтын, күмүш жаркыраган.
Көз нурун коооздогон элесиңен,
Көркөм сөз калемгерлер ыр кураган.


Тоолорум кереметтүү ыйык жерим,
Токчулук кубат берет сенин демиң.
Өмүргө жарык шоола чачып турган,
Өзүңдөн азыктанат кыргыз элим.

Кубанып көз жүгүртсөм айланаңа,
Кулпурат өзөндөрүң саймалана.
Тоолорум мени аяган жүзүңөргө,
Тойбостон карай берем кайра, кайра.

Көркөмүң сулуулукту сунуп берет,
Көңүлгө аруулуктун нурун себет.
Көрктөнгөн аска, зооңу чарк айланып,
Көкөлөп канат байлап учкум келет.

Тоолорум аппак карлуу бийиктерим,
Арыштайт аркар, кулжа кийиктериң.
Мемиреп кыялдана сызып конуп,
Мен дагы силер менен бийиктемин.

Аралап таза абаңа каныгамын,
Атыр жыт гүлзарыңан тагынамын.
АлаТоом карааныңан алыстасам,
Алпыгып өзүңөрдү сагынамын.



## КЕЛГИЛЕ КАРА-ШОРОГО

Өзгөчө кооз өрөөнү,
Өрдөсөң Кара-Шорону,
Төгүлүп куту жайлоонун,
Төрүндө жайнайт коногу.

Катарлап боз үй тигилген,
Капшытта кымыз илинген,
Балкытып ички сезимди,
Бал жыты тоодо ширелген.

Кулпуруп салкын жерлери,
Куюлуп мөңгү төрлөрү,
Жоодурап мөлтүр булактай,
Жолуңан тозот элдери.

Көтөрүп кыргыз тууларын,
Көркөмдүү айыл курганын,
Табитиң замат ачылат,
Татканда даары сууларын.

Гүл аңкып ойдуң түзүнөн,
Күү чыгып булак көзүнөн,
Толкутуп адам көңүлүн,
Тоо жели сылайт жүзүңөн.

Айлана шаңдуу көрүнөт,
Айрыкча көңүл бөлүнөт,
Ак өргө таңы жаркырап,
Асмандын нуру төгүлөт.

Ак кайың, арча, карагай,
Арзуулап барсаң аралай,
Четинен ичсең булакты,
Черинди жазат аябай.

Ден соолук демин чыңоого,
Демикпей өмүр улоого,
Керемет дары суусу мол,
Келгиле Кара-Шорого.



## БЕШ ТАШКА КЕЛГИН ЖАЙЫНДА

Беш ташка келсең жайында,
Береке анын сайында,
Сыйлашып конок төзүшат,
Суу бойлоп ар бир айылда.

Таластын кооз жерлери,
Таза аба салкын желдери,
Шаттыкка бөлөйт көңүлдү,
Шамдагай шайыр элдери.

Кут жанып ашуу белинен,
Куюлуп суулар төрүнөн,
Байыр алган суунга бөй салып,
Балыгы ыргыйт көлүнөн.

Бүркүтү шаңшып талбаган,
Улары тынбай сайраган,
Катарлап аска аралай,
Кайберен оттоп жайнаган.

Жүргөндө черди тараткан,
Жүрөккө эргүү жараткан,
Күүлөрүн угуп өрөөндүн,
Күлкү шаң менен таң аткан.

Бабабыз Манас баскан жер,
Байлыгы толуп ташкан жер,
Жеңижок, Атай, Алымкул,
Желпинип даван ашкан жер.

Аңгеме, повесть жазган жер,
Атагын Чыңгыз ачкан жер,
Эстебес, Малик, Замирбек,
Ээрчишип бирге баскан жер.

Шайырлар шандуу баскан жер,
Шекербек көңүл ачкан жер,
Балкытып тоонун гүлдөрүн,
Байдылда күлкү чачкан жер.

Керемет сырга толгон жер,
Келгенди сыйлап тозгон жер,
Түгөлбай, Чубак, Алтынбек,
Түрлөнтүп обон созгон жер.

Шаркырап суусу агылган,
Шибери тоону жамынган,
Бир келген инсан Беш ташка,
Көркөмүн эңсеп сагынган.

Суу бойлоп өрөөн сайында,
Сый күтөт ар бир айылда,
Бетеге төрүн аралай,
Беш ташка келгин жайында.

## ЖАЗ ЖЫТЫ КАНДАЙ КЕРЕМЕТ

Түрлөнүп куштар сайраган,
Түрлөрү гүлдүн жайнаган.
Жаз жыты кандай керемет,
Жапжашыл болуп айланаң.

Бак дарак бүчүр байлаган,
Байчечек гүлдөп жайнаган.
Кундуздай жүзү жылтылдап,
Кулпуруп турат айланаң.

Маанайы жылуу жел келет,
Магдырап гүлдөр термелет.
Жан сергип көңүл кубанткан,
Жаз жыты кандай керемет.

## НООРУЗ

Жайнап келгин жаз жыттанып Нооруз,
Жараткандын жарчысынан болуңуз.
Жер жүзүнө токчулук мол жаралып,
Жемишине толо берсин колубуз.

Күлүп келчи гүл жыттанып Нооруз,
Күндө тынчтык каалайт биздин оюбуз,
Каада-салтын урматташып, сыйлашкан.
Калк ичинде боло берсин тоюбуз.

Жаз майрамы жаңы жылым Нооруз,
Жаңы турмуш жаратуучу болуңуз.
Аалам таанып өсө берсин бүт элим,
Ар тарапка шыдыр болсун жолубуз.



## КЕЛ ЖАҢЫ ЖЫЛ

Кел жаңы жыл тынчтык алып элиме,
Кел жаңы жыл үрөөн сээп жериме,
Кутман элдин ырыскысын жайнатып,
Кубат берчи жашоо турмуш демине.

Кел жаңы жыл мезгил турсун жашарып,
Кел жаңы жыл сенде болсун тазалык,
Ар бир инсан ак пейилинен баар таап,
Аппак кардай көңүл турсун тазарып.

Кел жаңы жыл күн нурун чачсын чайыттай,
Кел жаңы жыл биз күтөлү камыкпай,
Сапарында кылым барсын тогошуп,
Сансыз доор сүрсүн элим талыкпай.

Кел жаңы жыл токчулуктун жылы бол,
Кел жаңы жыл жаңы турмуш ыры бол,
Бейпил жашоо элибизге орносун,
Берекелүү жакшылыктын жылы бол.



## САРЫ ЧЕЛЕК

Айлана тоодон курчалып,
Ак мөңгү айдай түр салып,
Мелтиреп тунук күзгүдөй,
Мемирейт жүзү тынч алып.

Көрсөң да улам канчалык,
Көөдөнгө уюп мынчалык,
Көркөмү көздү кубантып,
Көңүлгө терең сыр салып.

Түнөгү шаңга толгондой,
Түрлөнтүп сайма ойгондой,
Кооздоп бүткүл келбетин,
Кол менен жасап койгондой.

Үстүндө сүзүп кайыгы,
Үйүр алып ойнойт балыгы,
Бийикке толкуп серпилип,
Билинбейт кеткен агымы.

Таң алдын салкын жел келет,
Табийгат бойго термелет,
Өрөөнү жайнап кулпуруп,
Өмүргө жылуу нур берет.

Сан байлык баскан аймагы,
Сарамжал кооз жайлары,
Шаттыкка бөлөйт көңүлдү,
Шаңданып жайдын айлары.

Арыштап кадам таштаган,
Аркары өтөт аскадан,
Улуу таң атса чокудан,
Улары сайрап баштаган.

Токоюн жүрсөң аралай,
Толкундайт жүрөк аябай,
Албырып тиктейт жүзүңө,
Алма, өрүк, жаңгак, карагай.

Көк жашыл шибер жарашкан,
Көркөмү черди тараткан,
Сейилдеп бассаң айланып,
Сезимге эргүү жараткан.

Төшөлүп гүлдүн periси,
Төгүлүп тоонун жемиши,
Кудурет буйруп жасаган,
Кутмандуу жердин бейиши.

Береке төгүп денеси,
Бетеге жайпап белеси,
Таасири көзгө сүйкүмдүү,
Тартылып турат элеси.

Чакыган тоонун бермети,
Чайыттай тунук келбети,
Жылтылдап чачат шооласын,
Жылдыздай жанып көл кечи.

Аскасы бийик ашуу төр,
Абасы таза салкын жел,
Арзыган ойду сергиткен,
Артыкча бүткөн сулуу көл.

Балкыта жайып кучагым,
Баруугa дайым кусамын,
Өзгөчө алып ырахат,
Өзүңдү ыйык тутамын.

Кут даарып көлдүн кылаасы,
Кутмандуу элдин мурасы,
Бийиктен тунук жүзүңдү,
Бир көргөн инсан ыраазы.

Түркүгүң түстүү буралып,
Түркүн куш турсун үн алып,
Тартылган элдер өзүңө,
Тамшансын жүзү кубанып.

Сан кылым жаткан катылып,
Сырларың терең ачылып,
Таалайлуу кыргыз көлү деп,
Тарыхың барсын жазылып.

Тоо булак мөңгү куюлуп,
Толкунуң тоого урунуп,
Артылып ырга толо бер,
Ааламга үнүң угулуп.

## НАРЫН ДАЙРА

Мөлтүр кашка сууларың сайма болуп,
Мөңгүлөрүң ээришип сайга толуп,
Тогуз булак, миң булагың тоодон ылдый,
Толкуп агат чамынып дайра болуп.

Ала Тоого жылдыздай нуру жанган,
Ат башы ГЭС төрүндөн орун алган,
Камбар ата, Токтогул ГЭСтеринен,
Кайрыктары Токоңдун обон салган.

Катарында Кара-Көл, Курп-Сайда,
Калкый түштү агымың буруп кайра,
Кер өзөнду бүтүндөй жаркыраткан,
Керемет бар өзүңдө Нарын дайра.

Чарчап турган коңулду тазартасың,
Чаңкап турган өмүрдү жашартасың,
Чыйрыктырган турмуштун деми болуп,
Чырмалышкан түйшүктү азайтасың.

Сарамжалдуу жашоодо бирге турган,
Санаалашкан досторго колун сунган,
Шаарларын тургузуп кыргыз элим,
Шамалдуу-Сай, Таш-Көмүр ГЭСин курган.

Тандап берген табигат ошол жайда,
Таржымалың айтылып кайра, кайра,
Орто Азия элине мүрөк болуп,
Оргуштай бер күркүрөп Нарын дайра.

## ТААЗИМ САГА ЖАҢЫ ЖЫЛ

Таңда туруп тозолу жаңы жылды,
Таалай нурга бөлөйлү урмат-сыйды.
Таңшып обон жаратып жергебизде,
Таазим кылып ырдайлы ушул ырды.

Жаңы жылым жаңырып,
Жаңы бакыт табылып,
Келсин кутман жериме,
Кут береке агылып.

Аалам тынчтык асманы ачык болсун,
Ата журтум өркүндөп шаңга толсун.
Ала Тоону мекендеп кучак жайган,
Ак калпактуу элиме бакыт консун.

Кел жаңы жыл нурданып,
Элим турсун кубанып,
Бекем болсун чегибиз,
Бейпил жашоо уланып.

Бал татыган турмушту жайчы кенен,
Байлыгы мол өзүндө баары белен,
Бабалардын байыркы салтын улай,
Бар бололу бакубат жашоо менен.

Кел жаңы жыл жаркырап,
Керемет күч тартуулап,
Тунук болсун өмүрлөр,
Мөл булактай шаркырап.

## АЛТЫН КҮЗ

Учат мезгил улам көзгө илинбей,
Удургуган шамал согот дирилдей,
Жамалынан күлүп келсе күз айы,
Жалбырактар жерге түшөт бириндей.

Чартарапка сары боёк баскандай,
Чалкыйт деңиз мелтиреген асмандай,
Күркүрөгөн күз мезгили жарашат,
Күлкү сунуп берекесин чачкандай.

Таң сүрүлүп жайнап турса жер бети,
Ташып барат кызыл кырман келбети,
Жанга кубат жашоого күч дем берет,
Жаркыраган алтын күздүн бермети.

Торолгонун канжыгага байлашып,
Тоо этектей конуштарга жайлашып,
Төмөн карай өргүп барат малчылар,
Төрт түлүгүн түгөл жыйнап айдашып.

Жемиштери сабагынан бөлүнүп,
Жерге түшөт жалбыракка чөмүлүп,
Ак дасторкон молчулугун жаратат,
Алма, өрүк, жаңгактары төгүлүп.

Бүркүт таңшып бирин бири тыңдашат,
Улар сайрап зоо боорунда сырдашат,
Күкүктөрү күздүн салкын илебин,
Күүгө салып тынчтык ырын ырдашат.

Тоолор жымжырт мезгилине масташат,
Токойлор да жалбырагын ташташат,
Суулар муздап, шүүдүрүмдөр нымдашып,
Суурлар да ченге кире башташат.

Көктө сызып бир биринен жарышат,
Көз ирмемде канаттарын кагышат,
Кудуреттүү жер бетине айланып,
Куштар дагы жылуу жакка барышат.

Таалай нурга бөлөп турса салтанат,
Табигаттын көркү ачылып калптанат,
Түгөл жыйнап баба дыйкан талаасын,
Түшүм майрам жарманкеси башталат.

Үрп адатын тартууласа аймагы,
Үрөөн сээп элим турат жайдары,
Бар тарабы берекени жараткан,
Байлыгы мол алтын күздүн айлары.



## МУЗДАК БУЛАК

Балалык ойно курагым,
Байыр алып барчуу ынагым,
Балкытып ички сезимди,
Кандырган муздак булагым.

Жалындуу жаштык курагым,
Жарпымды жазчуу ынагым,
Жамалың бойду сергиткен,
Жанга дем муздак булагым.

Керемет асыл булагым,
Келгенде жүзүм жубамын,
Суйкайып чачкан нуруңа,
Суктанып көңүл бурамын.

Көргөндө канчуу кумарым,
Көчкөндө кончу турагым,
Арзуусун татып өзүңдөн,
Ата, энем ичкен булагым.

Калптанып улам курамың,
Катарлап мезгил уладың,
Карыткан далай кылымды,
Кайнаган тунук булагым.

Жомоктой кооз ынагым,
Жол түшсө барып турамын,
Сыныңа толуп ага бер,
Сыйкырдуу муздак булагым.

## КЫШКЫ АЯЗ

Кыш келип түшүп токсону,
Кычырап чилде коштоду.
Чырылдап торгой, чымчыктар,
Чыйрыга түшкөн окшоду.

Кар жааса дарак ийилип,
Калгандай аппак кийинип,
Боз кыроо каптап илебин,
Боз балдар турат сүйүнүп.

Тогошуп мезгил агылып,
Толкундап жүрөк кагылып,
Күмүштөй жааган ак карды,
Күтөбүз дайым сагынып.

Себеле тынбай агарып,
Сергисин көңүл жашарып,
Серпиле чачкан нуруңан,
Сезимдер турсун тазарып.

# БАЛДАР ЫРЛАРЫ

## АЙЛАНАЙЫН НЕБЕРЕ

Айланайын небере,
Ат болуңуз деп эле,
Ары бери чапкылап,
Арытпачы көп эле.

Кагылайын небере,
Камаз айдайм деп эле,
Кабагыңды түшүрүп,
Карабачы көп эле.

Садагасы небере,
Саламдашам деп эле,
Сакалыма сайгылап,
Сайратпачы көп эле.

Жакшы көргөн небере,
Жарма ичемин деп эле,
Жата калып коркутуп,
Жалынтпачы көп эле.

Кымбатымсың небере,
Кырга чыгам деп эле,
Кытыгылап желкеми,
Кыйнабачы көп эле.

Эркетайым небере,
Эрмек болом деп эле,
Эшик көздөй жөнөсөм,
Эрчибечи көп эле.

Акылманым небере,
Асылымсың сен эле,
Анча, мынча кыялың,
Айткандарым жөн эле.

Айланайын небере,
Алтынымсың дегеле,
Артым уюп баратат,
Аябастан тебеле.



## МЕКТЕБИМ

Билимге чукул жеткеним,
Билинбейт сенден кеткеним,
Канчалык көрсөм кубанам,
Карааны тоодой мектебим.

Байкалбай мезгил өткөнүн,
Балалык кезди эстедим,
Тарбия берип такшалткан,
Тарыхы терең мектебим.

Төгүлүп жаштык кездерим,
Төрүңдү далай тепседим,
Өзүңдө калды балалык,
Өрнөгү ыйык мектебим.

Үлгүлүү жолдо тескедиң,
Үйрөтүп жашоо чектерин,
Бактылуу сезим жараткан,
Байлыгым сенсиң мектебим.



## БИР УЯНЫН КУШТАРЫ

Майрамдай шаңдуу салтанат,
Май айы бүгүн шаңданат.
Куттуктоо сөздөр айтылып,
Кубанычка толот ар тарап.

Жылдыздай жанып чар тарап,
Жылтылдап көздөр таңданат.
Бойлорун түздөп keриле,
Балапан куштар камданат.

Толкундап жүрөк алпыгып,
Тоо гүлдөй элес калтырып,
Учууну самап турушат
Уядан куштар талпынып.

Абайлап колго алынып,
Акыркы жолу кагылып,
Коштошуу үнү угулат,
Конгуроо бүгүн жаңырып.

Бир жүрүп сабак караган,
Билимди чукул самаган.
Көңүлдө калды балалык,
Көп жылдар өтүп арадан.

Өрчүгөн жаштык курактын,
Өткөргөн мезгил убактын,
Баркына жетээр кез келди,
Башааты билим булактын.

Жаздырып ар бир баланын,
Жат кылып окуу сабагын,
Күн санап эже-агайлар,
Күчөткөн илим талабын.

Кайрылбайт эми ар убак,
Калгансыйт улам арылап,
Күжүрмөн эже-агайды,
Күткүлө сыйлап ар убак.

Болгондой он жыл тиреги,
Бош калып класс түнөгү.
Ээндеп эже-агайдын,
Эзилип турат жүрөгү.

Багыңа ырыс кут конуп,
Бактылуу күнгө туш болуп,
Урмат сый менен жүргүлө,
Уядан учкан куш болуп.



## ЭНЕ ТИЛИМ

Кыргыз тилим кымбатымсын түнөгүм,
Кадырыңды бийик баалап жүрөмүн.
Көөдөндөгү сендей ыйык тил менен,
Көңүл толкуп согуп турат жүрөгүм.

Жаралгандан жанга бүткөн таалайым,
Жарпым жазып сүйлөйм сөздүн таамайын,
Тилектештик кутун чачкан ааламга,
Тилим менен дайым жарык маанайым.

Өргүп ташып обон созуп ырдаймын,
Ой толгонуп терминдерди жыйнаймын.
Улуу мурас сактап келген бабалар,
Урматыңды кадырлаймын сыйлаймын.

Кыраакылык жөндөмүңдү билемин,
Кырдаалында оттой жанып күйөмүн.
Тилегимди чын дилимден билдирип,
Тил майрамын гүл кучактап сүйөмүн.

Чырмалышып дүйнө элине катарың,
Чындык сүйлөп алыс кетти атагың.
Эссиз бирок эл ичинде нечендер,
Эне тилин сүйбөгөнгө капамын.

Байкабасаң нарктуу тилиң жөнүндө,
Баалабастык сезим турат көңүлдө.
Кыргыз болуп, кыргыз тилин сүйбөсөң,
Кызыгы жок бул жашоонун өмүрдө.

Дастанга бай, даңазалуу кыргыз тил,
Даражасын көңүлүнө түйүп жүр.
Өзгө тилди билсең дагы канчалык,
Өз тилиңдин ыйыктыгын билип жүр.

Мен кыргызмын, кыргыз болуп жаралгам,
Кыргыз көчү сан кылымдап саналган.
Аалам толгон бүткүл улут ичинде,
Айрымам бар, тилим менен алардан.

Эне тилим теңир берген белегим,
Эркин сүйлөп сыймыктанып келемин.
Өз тилимди ардактасам, даңктасам,
Өмүрүмдө ушул менин тилегим.

Эне сүттөй тазалыгың барктаймын,
Энчи болгон байлыгыңды сактаймын.
Төгөрөктү төрт айланып чыксам да,
Сендей тилди бул дүйнөдөн таппаймын.



## КЛАССТАШ АСЫЛ КУРБУЛАР

Күн өтүп жылдар саналып,
Күлкүгө толуп аралык,
Билимге жасап аракет,
Билинбей өттү балалык.

Алыстап жаштык аралык,
Асыл ой, максат жаралып,
Турмуштун түшүп жолуна,
Туш, тушка кеттик таралып.

Жол алыс жетпей үнүбүз,
Жолуксак кайдан кимибиз,
Эстесек өткөн күндөрдү,
Эзилип турат дилибиз.

Келгиле бирге басалы,
Керемет күлкү чачалы,
Сырдашып гүлгүн чакты ойлоп,
Сыйлашып көңүл ачалы.

## МУГАЛИМ ЖАШОО КҮЗГҮСҮ

Асыл эмгек жаратып ак дилинен,
Арнап келет туу туткан илиминен,
Мугалимдер жашоонун күзгүсүндөй,
Муундарды жетилтет билиминен.

Тарбияда чаалыгып чарчабаган,
Татаал жолдо убакыт калчабаган,
Мектеп турмуш агымын бирге басып,
Мезгил жылып жыл өтөт канчалаган.

Саат сайын санаркап үн алышкан,
Сарамжалдуу эмгекте сыналышкан,
Түсүн боёп коооздоп бөлмөлөрүн,
Түйшүгүнө мектептин чырмалышкан.

Окуучуга билимин жайылтышкан,
Ойго тунук сезимин байытышкан.
Жашоодогу тарыхтын сырын ачып,
Жаркыраган ааламды таанытышкан.

Асыл ойдун аздектүү сыры болуп,
Агартууда тизилген шуру болуп,
Келет баары илимдин жолун улай,
Кең дүйнөнүн жылдыздай нуру болуп.

Талыкпастан мезгилдин агымында,
Таңшып үнү жашоонун жарыгында,
Мугалимдин көөнөрбөс эмгектери,
Мурас калат турмуштун тарыхында.

## АСЫЛ ОЙДУ АЗДЕКТЕ

Эрте турсаң ырыскыны аласың,
Таза абага моокумуңду канасың.
Салам айтып эже-агайлар, досторго,
Сабакка да кечикпестен барасың.

Күндө күтөт жаркыраган мектебиң,
Ар тарапка убактыңды чектегин.
Жаратылыш байлыктарын үйрөнүп,
Жакшы окуп билимиңди бектегин.

Урматтагын кары-жашты сыйлагын,
Жабыркатып жаш чырпыкты кыйбагын,
Жашоо, өмүр баркын гүлдөй аздектеп,
Жан дүйнөңө жакшылыкты жыйнагын.

Ата-эненин кадырын бил камыкбай,
Акыл калча асыл ойду чаалыкбай,
Ала Тоону ыйык тутуп мекендеп,
Ата журтка кызмат кылгын талыкбай.



## ЖАКШЫ КӨРӨТ ЭЖЕСИ

Бектур деген бир бала,
Бети, башым тырмала,
Аймасаңда мейличи,
Артык мени кыйнаба.

Эркелене турасың,
Эки колуң сунасың,
Кучак жая көтөрсөм,
Кулагыма урасың.

Айтсам көңүл бурбайсың,
Алысыраак турбайсың,
Китебими талашып,
Дептерими булгайсың.

Бектур менин бөбөгүм,
Бек кучактап өбөмүн,
Кыйнасаңда баары бир,
Сени жакшы көрөмүн.



## АГАЙЫМ, ЭЖЕКЕЛЕРИМ

Үмүткө үрөөн себерим,
Үйрөтүп билим берерим,
Алпештеп сабак окуткан,
Агайым, эжекелерим.

Кайратка салып дилимди,
Каздырып терең илимди,
Баа берип тамга таанытып,
Байыткан эне тилимди.

Абалы кабак түйбөгөн,
Акылман сөзүн сүйлөгөн,
Тарбия берип талыкбай,
Тартипке чукул үндөгөн.

Агартуу жолдо талбаган,
Ак эмгек күчүн арнаган,
Мээримин төгүп балдарга,
Мезгилдин жүгүн кармаган.

Өткөндү айтып тарыхтан,
Өзгөчө таасир жайылткан,
Өрчүтүп акыл сезимди,
Өмүргө жаккан жарык шам.

Аскалуу тоодой беделим,
Ардактуу берекелерим,
Ааламды билип тааныткан,
Агайым, эжекелерим.

## ЭНЕ КУБАНЫЧЫ

Жылытып көңүл турарым,
Жыттасам канат кумарым,
Секелек кызым садагам,
Сегизге келдиң Мунарым.

Гүл бакча шагы ийилип,
Кучакка толо үйүлүп,
Туулган күнүң белгилеп,
Толкундап турам сүйүнүп.

Өксүтпөй дайым жүрөмүн,
Өбөлгө болуп сүрөймүн,
Өзгөчө эрке кенжем деп,
Өмүрүң узун тилеймин.

Ардактап сүйүп жүзүңдү,
Арнаймын каалоо сөзүмдү,
Кубанычым ташып өзгөчө,
Куттуктайм кызым өзүңдү.

# АРЧЫО
# ЫРЛАРЫ

## КЕРЕМЕТ ҮНҮ ЖАҢЫРГАН

*(Зейнеп Шакеевага)*

Күлмүңдөп кирпик ирмеген,
Күүлөнүп алга иргелген,
Ырчысы элең элиңдин,
Ырыстуу журтка бир келген.

Сен болчуң тоонун улары,
Сезимтал куштун кыраны,
Жаңырган мукам үнүңдөн
Жүрөктүн канчу кумары.

Кыраанда кызыл гүл элең,
Кылайып чыккан күн элең,
Сахнада талбай таңшыган,
Сайраган булбул үн элең.

Ободо үнүң коштолчу,
Оргуштап көңүл шоктончу,
Он сегиз жашты ырдасаң,
Ойногон жүрөк токтолчу.

Жаштыктын оту жагылган,
Жарк эте түшсө чагылган,
Аргендей шаңдуу үнүңдөн,
Ала Тоо койну жаңырган.

Асылы элең кундуздун,
Чолпону элең жылдыздын,
Ылаачын куштай бой салган,
Ырчысы элең кыргыздын.

Саймалуу тоонун төрүндөй,
Сан түркүн ырың төгүлбөй,
Сагынтып кутман элиңди,
Сахнадан кеттиң көрүнбөй.

Кетсең да бирок эл билет,
Кең пейил сыйын энчилеп,
Кез-кезде укса үнүңдү,
Керемет ырчым деп жүрөт.

Талыкбай ар бир тараптын,
Тамшанган черин тараттың
Талантың ташып турганда,
Татыктуу эмгек жараттың.

Өрнөгү болуп кыйланын,
Өрчүдү ырдоо сырларың,
Жаштарга болсун үлгү эми
Жаңырган шаңдуу ырларың.



# ШАЙЫР КЫЗГА

*(Шахра Талиповага)*

Шаңшыса үнү сызыла,
Шанданат ар ким кызыга,
Шайыры болгон элимдин,
Шахра Талип кызына.

Токтогул чыккан жеринен,
Тоо жайлап өскөн элинен,
Тоолук кыз үнү жаңырат,
Толкуган дайра көлүнөн.

Жүрөгү жаштык курактай,
Жүргөнү шайыр чырактай,
Ырдаса көңүл туйлатат,
Ышкыбоз жанды чыдатбай.

Жан эргий тартып өзүнө,
Жат болуп дайым көңүлдө,
Жүлүндү эзген ырлары,
Жүрөктүн калат төрүндө.

*1982-ж.*



## САХНАНЫН КӨРКҮ САЛАМАТ

*(Саламат Садыковага)*

Комузду коштоп Саламат,
Төгүлөт ырың салалап,
Укканда шаңдуу добушту,
Уюган чериң таралат.

Жүрөгүң толкуп Саламат,
Жүрөсүң дүйнө аралап,
Аргендей тунук үнүндөн,
Ар түркүн ырлар жаралат.

Өрчүтүп мукам ырларды,
Өткөрдүң далай сындарды,
Эмгегиң баалап Ата Журт,
Эл артист наамын ыйгарды.

Эркеси болуп жылдыздын,
Эки элге сыймык тургуздун,
Болдуң сен сүйгөн ырчысы,
Боордош казак, кыргыздын.

Арзуулап төгүп сырларын,
Айтасың санаат ырларын,
Обонго шайкеш тересиң,
Ойнотуп комуз кылдарын.

Берилип ырга мүнөзүң,
Белсенип шайыр жүрөсүң,
Салтанат куруп ыр менен,
Сахнаны ыйык сүйөсүң.

Талантты бийик башкардың,
Таалайлуу жолдо такшалдың,
Үндөгүн улуу мурасты,
Үлгүсү болуп жаштардын.

Көөнөрбөс өнөр мындайда,
Көз салып ар бир жылдарга,
Өрнөгүң жайылт артында,
Өнөрлүү уул, кыздарга.

Жарашып шаңдуу үн берип,
Жан дүйнөң күүгө термелип,
Ырыстуу асыл өмүргө,
Ырларың турсун дем берип.

Көркөмүн көлдөй жайылтып,
Көңүлдү ырга байытып,
Аралап элди таңшый бер,
Ала Тоо койнун жаңыртып.



## РЫСБАЙДЫ ЭСКЕРҮҮ

Ырыс, кут жанып балалык,
Ырларың журтка таралып,
Ыр менен бастың өмүрдү,
Рысбай болуп жаралып.

Талантың таамай бааланып,
Тагдырга бүткөн жол анык
Таңшыдың талбай ободо
Таң чолпон жылдыз аталып.

Куюлуп ар бир ырларың,
Кубулжуп ырдап турганың.
Куштары болдуң элиңдин,
Кулуну Кара-Кулжанын.

Жашоого шайкеш тең бүтүп,
Жаралган ырың эл күтүп.
Жаңырды түркүн обонуң,
Жан дүйнө демин эргитип.

Ышкысын тартып өзгөнүн,
Ыр дүйнө төрүн өрдөдүң.
Жаштардын жазып маанайын,
Жайылды журтка өрнөгүң.

Укканда уюп көңүлгө,
Удургуп жүрөк төрүндө.
Ырларың бойду сергитип,
Рахат берет өмүргө.

Жаңырган үнүң актандай,
Жаштыктын гүлүн ачкандай
Мемиреп эргийм өзгөчө,
Мен өзүм ырдап жаткандай.

Кыргызды кыйла тааныткан,
Кылымды ырга байыткан
Буурадай ташкан обонуң,
Булбулдун үнүн жаңылткан.

Оболоп обон түрмөгүң,
Ойнотуп кыяк үндөрүн.
Талыкпай элге сунчу элең,
Тартуулап ырдын түрлөрүн.

Өнөрдү өлбөс жараткан,
Өзгөчө нукта бараткан
Чыгааны элең ырчынын,
Чыгармачылык тараптан.

Эл орто болуп басканың,
Элүүнү кыя ашканың,
Кайгыртты кутман элиңди,
Кайрылбас сапар тартканың.

Бүркөлүп жарык асманың,
Бүлбүлдөп өчтү басканың.
АлаТоо жашып, журт сыздап,
Айтылды күйүт дастаның.

Муңкантып ичтен кыйланы,
Муңдашың жашын тыйбады.
Туйгуну кетти куштун деп,
Туулган жериң ыйлады.

Жаралган жандын бири элең,
Жадырап өскөн гүл элең.
Жалынын чачып жүрөкө,
Жаркырап турган күн элең.

Талдаган сырлар ачылбай,
Тасмага жандуу тартылбай,
Көздөгөн далай максатың,
Көмүскө кетти айтылбай.

Серпилип ойго келесиң,
Сезимге нурду себесиң.
Аргендей үнүң ай сермеп,
Ак шоола чачат элесиң.

Калк баалап асыл баркыңды,
Канчалар сыйга тартылды.
Таңшытып ырдап келишет,
Таланттар улап артыңды.

Ойлонуп нота тергениң,
Ополтоо улуу эмгегиң.
Ар убак эстеп өзүңдү,
Ардактап келет эл, жериң.

Мезгилдин шаңы жарашып,
Мейкини нурун таратып,
Жетимиш жылдык үн берет,
Жергенде жарык таң атып.

Катарлап сынак өткөрүп,
Калыстар жактан тескелип,
Калк ичи ырга айланып,
Калың журт турат эскерип.

Сайраган үнүн таптаган,
Сахнага кадам таштаган.
Ыр майрам бүгүн жергеңде,
Рысбай клуб баштаган.

Ардактап тозуп аймагың,
Арзууга толуп майданың,
Ааламга үнүң угулуп,
Шаңдансын улуу майрамың.

Арзууң кендей казылып,
Алтындай тамга басылып.
Талантың ташкан деңиздей,
Тарыхың барсын жазылып.

Жаштарга болуп көрөңгү,
Жараттың гүлзар өрөөндү,
Мурасын алып улуунун,
Муунга бердиң өнөрдү.

Көркөмүң тунук кундуздай,
Көктөгү жанган жылдыздай.
Бири кем жарык дүйнөгө,
Бир келип кеттиң Рысбай.

Сен жүргөн жолдо гүл өнүп,
Сезимдер ырга бөлөнүп.
Ыргагы көңүл толкутуп,
Ырларың жашайт түбөлүк.

## ЭМГЕГИҢ ЭЛГЕ АРНАЙ БЕР

*(Рахматулла Козукеевге)*

Айтылуу Аксы кулуну,
Айылымдын асыл дулдулу,
Санаалаш өскөн элимдин,
Сайраган анык булбулу.

Мөлтүрөп суудай шар аккан,
Мүнөзүң шайыр адаттан,
Төкмөлүк өнөркана да,
Төп келип үнүң жарашкан.

Ырларың көңүл сергиткен,
Кыялың ойду эргиткен,
Табигат берген аруулук,
Талантың менен тең бүткөн.

Сүйлөсөң сөзүң төгүлүп,
Күлкүгө көөнүң бөлүнүп,
Жыйында толкуп турасың,
Жылдыздай жанып көрүнүп.

Талыкбай таштап кадамды,
Такшалтып ички чамаанды,
Аралап элди жүрөсүң,
Ардактап айтып саламды.

Отуз жыл аша сыналып,
Ободо ырың ырдалып,
Эл артист болдуң сахнадан,
Эмгегиң менен сыйланып.

Комуздун күүсү чыңалып,
Коштосун үнүң уланып,
Алтындай ырды чача бер,
Айтыштын көркүн чыгарып.

Эргитип көңүл сайрай бер,
Эгемен журтуң баалай бер,
Эмгегиң сиңип турганда,
Элиңе кызмат арнай бер.

Каймагын сөздүн тандай бер,
Канатың күүлөп талбай кел,
Кадырлап элиң турганда,
Калкыңа кызмат арнай бер.

Аймагын даңктап төрүңдүн,
Ала Тоо кооз жериңдин,
Шаңшый бер иним ободо,
Шайыры болуп элиңдин.



## ЫРЛАРЫҢ БОЛСУН ГҮЛ АЗЫК

*(Арзыбек Бедияровго)*

Жаңырып курорт багынан,
Жалалабат кооз шаарынан,
Арзыбек Бедияровдун,
Ырлары чыгат жаңыдан.

Ойлосоң обон табылган,
Ободо бийик жаңырган,
Таңшыган мукам ырыңды,
Тамшанып ар ким сагынган.

Сен деген ырга багынып,
Селкилер турат агылып,
Жылаажын куштай бой салып,
Жылдыздан сөйкө тагынып.

Энчисин алып Теңирдин,
Эргиген ойго берилдин,
Аргендей кайрык жараткан,
Арзуусу болдуң элиндин.

Ыргагы турса жарашып,
Ырларың уккан жан ашык,
Кубулжуйт шаңдуу обонуң,
Кусалык черин таратып.

Өткөрүп мезгил кыр ашып,
Өрчүй бер жаңы бүр ачып,
Өзөктөн чыккан ырларың,
Өмүргө болсун гүл азык.

## ДААНЫШМАН УУЛУ КЫРГЫЗДЫН

*Кыргыз элинин чыгаан уулу, Кыргыз эл баатыры, залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун жаркын элесине арнаймын*

Нарк нуска баалап эл менен,
Намысты колдон бербеген,
Дүйнөгө ысмың таанылган,
Дүбүртү катуу шер белең.

Алыска кирпик ирмеген,
Асмандан жылдыз сермеген,
Кылымдын калпып сырларын,
Кыргыздан чыккан эр белең.

Тагдырга ыйман жараттың,
Таалимин алып Таластын,
Арбыды ар бир кадамың,
Арбагы колдоп Манастын.

Талыкпас ойго байыдың,
Таанылып журтка дайының,
Өмүргө өчпөс дем берген,
Өстүргөн «Шекер» айылың.

Эмгегиң кылдат жасалып,
Элиңен сыйлуу бата алып,
Даанакер сырың жайылды,
Даанышман Чыңгыз аталып.

Алгалай жүрүп катарың,
Айланып алыс сапарың,
Ак калпак элдин уулу деп,
Ааламга кетти атагың.

Жетилип бийик баралың,
Жемишке толуп тарабың,
Көркөм сөз устат жолунда,
Көрүндү тоодой карааның.

Колго алып бирдей аралык,
Которуп жаңы сан алып,
Чырмалып дүйнө элине,
Чыгармаң кетти таралып.

Каректи талбай жиберип,
Камыккан ойлор ширелип,
Жараттың залкар ийгилик,
Жан дүйнөң менен имерип.

Көрүнүп тасма жибинде,
Көптөгөн улут тилинде,
Жаралган түрдүү чыгармаң,
Жаңырды көркөм фильмде.

Ырыска бүткөн жан белең,
Сергектик ойго бай белең,
Сезимин ачты далайдын,
Роман, повесть, аңгемең.

Бирде кеч, бирде таң атып,
Бийикке үмүт жаратып,
Көптөгөн улут ичинде,
Көркөмүң турчу жарашып.

Өктөмү болуп жылдыздын,
Өчпөгөн жарык тургуздуң,
Иштедиң тышкы өлкөдө,
Элчиси болуп кыргыздын.

Сырларын ачып тарыхтын,
Болгонун кенен жайылттың,
Таанылган алыс чөйрөнү,
Талантың менен багынттың.

Баа жеткис чекке умтулдуң,
Бактысын ачып журтуңдун,
Көп эмгек тынбай жасадың,
Көтөрүп даңкын улутуңдун.

Жүрчү элең алыс, жакында,
Жүрөгүң толуп асылга,
Керемет Ата Журтуңа,
Келчи элең учуп закымда.

Каплет кабар угулду,
Калкыңдын көөнү бурулду,
Күркүрөп аккан дайра элең,
Кандай күч бурду нугуңду.

Шуулдап чалгын чалганбы,
Шум ажал тооруп алганбы,
Бийиктеп учкан куш элең,
Билинбей тузак салганбы.

Айланып тамыр агылбай,
Аргасыз жүрөк кагылбай,
Сексен жаш өмүр жолунда,
Сезимиң өчтү жалындай.

Кайрылбас күндүн батарын,
Кайгыга салды ажарың,
Оодарып тарых барагын,
О дүйнө кетти сапарың.

Айтматов өттү дегенде,
Ала Тоо койну сыздады,
Ооматтуу элдин уулу деп,
Оргуган жүрөк муздады.

Артында элиң кайгырып,
Азалуу шамы жагылып,
Кайратын айткан калайык,
Дүйнөдөн келди агылып.

Көп улут бирдей эскерип,
Көңүлү чөгүп бөксөрүп,
Улутунуп баары коштошту,
Узатуу азем өткөрүп.

Ээрчиген дартка басынып,
Эңсеген ойлор катылып,
Түнөгүң ата бейитке,
Түбөлүк кетти жашынып.

Айлана муңдуу сыр салып,
Ак калпак элиң муңканып,
Айрылып чыгаан уулунан,
Ала Тооң турат сумсайып.

Жасаган кызмат баркында,
Жазылып дүйнө тарыхында,
Элиңи көпкө тааныткан,
Эмгегиң калды артында.

Мээримиң нурдай төгүлүп,
Мезгилиң жарык көрүнүп,
Кастарлап баарын турчу элең,
Калкыңа санааң бөлүнүп.

Сымбатың сырдуу өңүндө,
Сый болуп жүрөк төрүндө,
Журтуңа бийик туу болуп,
Жүрөсүң дайым көңүлдө.

Сен менен элиң даңкталат,
Сен менен жериң бардкталат,
Эл жериң Ата Журтуңда,
Эмгегиң баалуу сакталат.

Ала Тоо кыргыз кең мекен,
Атагы дайын сен менен,
Чыке көөнөрбөс болуп жаралган,
Чыгармаң жашайт эл менен.

*2008-ж.*



## БАЙДЫКЕМ ШАЙЫР АКЫНЫМ

*(Байдылда Сарногоевге)*

Байдыкем шайыр акыным,
Баштайсың сөздү акырын,
Жан дүйнө бүтүн эргитип,
Жазасын ырдын асылын.

Балкытып ойду турасың,
Баарына көңүл бурасың,
Талпынтып таза жүрөктү,
Тамаша ырдан сунасың.

Жаратып сөздүн төрөсүн,
Жайнатып ырдын мөмөсүн,
Жашоодон алып чындыкты,
Жамгырдай аны төгөсүң.

Улутуң сүйгөн албансың,
Журт үчүн оттой жангансың,
Кызматың жасап элиңе,
Кыргыз деп күйгөн жандансың.

Куйкумдуу сөздү табасың,
Кумарын ойду жазасың,
Турумтай куштай таптаган,
Туулуп өскөн Таласың.

Канаты болуп Чыңгыздын,
Калкыңа сыймык тургуздуң,
Таскагы тоону жаңырткан,
Таланты сенсиң кыргыздын.

Өр карай сызып кериле,
Өмүрдүн конуп белине,
Ашуудан бердиң отчетту,
Ак калпак кыргыз элиңе.

Байдыкем күлүк акыным,
Күлкүгө өтө жакыным,
Келебер арнап жүрөктөн,
Керемет ырдын асылын.

*1996-ж.*



## ТАКШАЛГАН ЭМГЕК ЖОЛУНДА

*(«Ноокен жаңырыгы» гезитинин редактору Бурайма Раимбековага)*

Колго алып тунук барактан,
Коомго эмгек жараткан,
Аймактын кутман элине,
Алтындай сөздү тараткан.

Кара сөз устат адаттан,
Ыр жазып кээде, санаттан,
Такшалган эмгек жолунда,
Таланты ар бир тараптан.

Тамганы талдап басыштан,
Талыкбай иргеп машыккан,
Ордуна баарып коюуда,
Оорунду иштеп дасыккан.

Ар бирин тескеп көңүлдөн,
Абайлап көөнү бөлүнгөн,
Жасаган журтка кызматы,
Жалпыга даана көрүнгөн.

Кадырлап турса элиңиз,
Кастарлап сөзду териңиз,
Үлгүлүү болуп коомго,
Үзүрлүү иштей бериңиз.

Ден соолук болсо деги не,
Дем берип жашоо демине,
Арнаңыз сөздүн асылын,
Ала Тоо кыргыз элине.

## ЖАЛТАНБАС КЫРГЫЗ КЫРААНЫ

Эмгеги төгүп береке,
Эл үчүн жарап кереке.
Кудурет күчүн арнаган,
Курманжан датка энеке.

Кайраты бүткөн береке,
Калк үчүн жарап кереке.
Алайдан чыккан ханыша,
Айтылуу датка энеке.

Асманы ачык көгөргөн,
Акылы нурга бөлөнгөн.
Жылдызы жанып бийиктен,
Журт үчүн анык төрөлгөн.

Кызматын жасап өрөөндөн,
Кыялы нурга бөлөнгөн.
Кыргыздын бүтүп бактына,
Кылымда жалгыз төрөлгөн.

Айкын жол аруу үмүттөн,
Ааламга көзду жүгүрткөн.
Арбаган далай душманды,
Акылы менен түңүлткөн.

Коомду козгоп түнөктөн,
Коогалаң нечен күн өткөн,
Теңирим өзүң жалга деп,
Тилегин айткан жүрөктөн.

Жалынга толгон кыялы,
Жалтанбас кыргыз кыраанҗы,
Кыз Сайкал, Жаңыл мырзадай,
Кыздардын кырдуу чыгааны.

Айчүрөк сындуу керилген,
Акактай жүзү төгүлгөн,
Артыкча бүткөн адамдын,
Айбаты сүрдүү көрүнгөн.

Бетеге төрүн жайлаган,
Белине кылыч байлаган.
Чыркырап мезгил турса да,
Чындыкты сүйлөп тайбаган.

Агытып кулун желеден,
Алсызды өйдө жөлөгөн,
Кымызын сунуп кыргыздын,
Кыйланы сыйга бөлөгөн.

Оролуп гүлгө жайыгы,
Ойногон сууда балыгы.
Киндик кан төккөн Жапалак,
Туулуп өскөн айылы.

Айтылуу Алай беги деп,
Акылман жандын теңи деп,
Тагдыры кошкон жубайы,
Таалайлуу инсан Алымбек.

Түгөйү болуп датканын,
Түйшүгүн бирге тартканын,
Тарыхы сүйлөйт ташкындап,
Талыкбай белес ашканын.

Курдашы болуп датканын,
Кут даарып бирге басканын,
Аздектеп айтат калың журт,
Артында улуу дастанын.

Даткалык наамын алганы,
Далайга жетип жардамы.
Урматтап дайым сыйлаган,
Бухара, Кокон хандары.

Ордолу Ошту журт кылган,
Ортого мечит курдурган,
Жасаган улуу эмгегин,
Жараткан өзү кут кылган.

Орундуу сүйлөп сөз баккан,
Ооматы келип бир жактан,
Ортодо калыс сүйлөшүп,
Орустар менен тил тапкан.

Тың салып ар бир тарабын,
Тынчтыкка таштап кадамын.
Коргогон коом бирдигин,
Колго алып мезгил талабын.

Достуктун күчүн чыңдаган,
Доордун үнүн тыңдаган,
Чакырып элдик ураанын,
Чачылган журтту жыйнаган.

Буйруктун көнүп шартына,
Биримдик тилеп калкына,
Бийлигин калыс жүргүзгөн,
Фергана өрөөн жалпыга.

Жараткан өзү жалгаган,
Жардамын элге арнаган,
Кастарлап жашоо турмушта,
Каада, салт наркын кармаган.

Үйрөнүп акыл ченемин,
Үркөрдөй пейли кененин,
Үлгүлүү жолун улайлы,
Урматтуу датка эненин.



# Учкул сөздөр...



* * *

«Үмүт максат алга жетелейт,
Канаат, сабыр ойду бөпөлөйт»

* * *

«Кайраттуу инсан калк камын ойлойт, өзүмчүл адам өлгөнчө тойбойт»

* * *

«Сыйга барсаң, сый-урматыңды сактай жүр»

* * *

«Жашоонун жакшы жактарын үйрөн, Жанга дем жарык чачат дүйнөң»

* * *

«Кең пейил инсан кечиримдүү болот»

* * *

«Ата Журтка кызмат кылсаң, атың калат тарыхта»

* * *

«Ач көз адам, ар намысты ойлобойт»

* * *

«Сындан өткөн, сыйга татыйт»

* * *

«Эмгексиз байлык баркталбайт»

* * *

«Алыска баратсаң, айлананды байкап бас»

* * *

«Кетkenге кейибей, келечекке умтул»

* * *

«Он эки мүчөң бүт болсо, ойлогонуңу ишке ашыр»

* * *

«Мээнеттен талба, мезгилден калба»

* * *

«Бириндеген тозот, бирдиктүү озот»

* * *

«Аң сезими төмөн адам азгырууга бат көнөт»

* * *

«Айласы кетсе, ажыдаар да жалдырайт»

* * *

«Жакшы бол жамааттан калба,
асыл бол айлыңды чанба»

* * *

«Аламанга аш тартсаң алалаба,
арбын өскөн тикенди аралаба»

* * *

«Мансапкор маймылдай ойнойт, түлкүдөй жойлойт»

* * *

«Сандалып жүргөнчө, сабырлуу эмгектен»

* * *

«Көргөнүңдү көрүнгөнгө айта бербе»

* * *

«Ырыстуу менен ымаалаш, Сабырдуу менен санаалаш»

* * *

«Уккандан уялбаган, айткандан айбыкпайт»

* * *

«Урмат-сыйлуу болсоң, улуу жолду басасың»

* * *

«Алты саның барында, аалам кезсең жарашат»

* * *

«Талыкпас эмгек тарыхта калат»

* * *

«Жакшы адам калыс болот»

* * *

«Дос менен доолашпа, бузукудан оолакта»

* * *

«Жакшылыкта бир болсоң, жамандыкта да жашынбагын»

* * *

«Сынды көп айтсаң, сыйды жоготосуң»

* * *

«Жок издесең, жол азыгыңды ала жүр»

* * *

«Жакшы жумушка катуу аракет жаса»

* * *

«Дили таза жана ачык адамдар менен кеңеш»

* * *

«Бирөөнүн этегин ачпай, ажатын ачып сүйлө»

* * *

«Обу жок кыялдардан оолак бол»

* * *

«Туруксуз адамдар менен сырдашпа»

* * *

«Кары адам менен каймана айтышпа»

* * *

«Алысты тиктесең ааламды көрөсүң»

* * *

«Жакшыны жаныңдай сыйла»

* * *

«Акмак жана наадангa жолобо»

* * *

«Устазды атадай баркта»

* * *

«Ата-энени тирүүсүндө сыйла, өмүрү өткөндөн кийин куран окууну тыйба»

* * *

«Тапканыңа карап сарпта»

* * *

«Конокту кулуп жайнап күт»

* * *

«Мүрөктүн даамын татсаң да, мүнөзүңдү өзгөртпө»

* * *

«Жамандын дили тар болот, Жакшынын тили бал болот»

* * *

«Жокчулукта сабырдуу бол, барчылыкта кайрымдуу бол»

* * *

«Өлүм ак, өмүр керемет»

* * *

«Сарандан самын сураба»

* * *

«Жакшы байыса жамаатты багат, Жаман байыса жакынын чанат»

* * *

«Сөзду нугу менен угуп, ыгы менен сүйлө»

* * *

«Таттуу маек куруп, жаткандардын табитин бузба»

* * *

«Сырттан болсоң да, сыйың менен жүр»

* * *

«Көчөдө олтуруп, көрүнгөнгө жагымсыз сүйлөбө»

* * *

«Таарынчак болсоң бол, бирок таш боор болбо»

* * *

«Жетеленме адам жетекчи боло албайт»

* * *

«Айлакер болуп алдасаң бирөөнү, акыретте тартасың күнөөнү»

* * *

«Калк ичинде калыс бол, Эл ичинде элпек бол»

* * *

«Өткөн чырды козгобо»

* * *

«Байлыгың болбосо да, мүнөзүңдү ток тут»

* * *

«Жакын адамдарыңдын арасында да калыс бол»

* * *

«Коомго жагууну амал кыл»

* * *

«Дилиң менен денеңи таза тут»

* * *

«Үй бүлөнү суук көз менен караба»

* * *

«Карөзгөй кадамын таптап басат»

* * *

«Наадан нарк, нусканы баалабайт»

* * *

«Урушчакты канат кылба, уурулукту адат кылба»

* * *

«Байлыгыңа чирэнбе, жокчулуңу да унутпа»

* * *

«Жакшы окуп айтат, жаман чукуп айтат»

* * *

«Киши менен жылуу мамиледе сүйлөш»

* * *

«Жаман ой, орго түшүрөт»

* * *

«Улуудан оозунуп үйгө кирбе»

* * *

«Ooматың келип турганда, оюңду бургун жардамга»

* * *

«Текеберчилик тентектин иши»

* * *

«Өзүңдү ар убак кичи пейилдей сезип жүр, мартабалуу болосуң»

* * *

«Ата үйдүн устуну, Эне үйдүн чырагы»

* * *

«Ден соолугуң барында, Деңиздей толкуп шарылда»

* * *

«Жан чыкпайынча үмүт үзүлбөйт»

* * *

«Жетесинен урганды, жетелесе мал болбойт»

* * *

«Жакшы сырдашат, жаман чырдашат»

* * *

«Душманга кыраакы бол, Доско сынакы бол»

* * *

«Жөнү жок бирөөгө кыянаттык кылба»

* * *

«Жакшылыкты жакшылык жалгайт, Жамандыкты жамандык жалмайт»

* * *

«Аял жакшысы үйдүн куту»

* * *

«Аз сүйлөп, көп тыңша»

* * *

«Перзенттериңе адеп-ахлак жана илим, таалим-тарбияны жашынан үйрөт»

* * *

«Жакшы ыйманга келет, Жаман кайрылып тебет»

* * *

«Уурулук утурумдук, Шылуундук жүзү жоктук, Сойкулук эрксиздик, Жалкоолук жаман адат»

* * *

«Бар-жогунду өзүн гана кайыл тут»

* * *

«Жасаган ишиң бүтмөйүнчө, жарыя кыла бербе»

* * *

«Жаштарга өмүр тилеп, ыймандуулукка үндө»

* * *

«Карыларга ден соолук тилеп, калыстыкка чакыр»

* * *

«Жетекчи кайраттуу, калыс болсо,

Жагымсыз чыр-чатактардан алыс болот»

* * *

«Жашоонун улам жакшы жактарын үйрөнүп баруу,

Келечекке болор үлгүлүү жол салуу»

* * *

«Жакшы сүйлөп, жакшы жүрүү инсандыктын улуулугу»

* * *

«Жакшылыктан көңүл ачылат, Жамандыктан өмүр чачылат»

* * *

«Жакшы ой, жакшы ниет, жандын үзүрү»

* * *

«Керемет жашоо, кең дүйнөнү барктай бил»

* * *

«Асылзат болуу адамдын өзүнөн»

* * *

«Ынтымактуулук, Биримдүүлүк, Достук жана Кечиримдүүлүк, өнүгүп- өсүүнүн башкы булагы».

## Мазмуну


Бет ачар....................4
Жагымдуу ырлар....................6
Арзуу жолду баскан акын....................8

**ҮЙ-БҮЛӨ, АТА-ЭНЕ, АЯЛЗАТ ЖӨНҮНДӨ**

Жубайым өмүрлөшүм....................10
Апакем асыл байлыгым....................11
Ак баталуу карыялар....................12
Гүл десте....................14
Ата, Эне кымбат баарынан....................15
Энекебай....................17
Аялзат үйдүн чырагы....................18
Апалар бүгүн майрамы....................19
Аталарды даңктайлы....................20
Туулган күнүң кут болсун кызым....................21
Перзенттерим....................22
Энелерге гүл десте....................23
Ай кызым....................24
Аялзат үйдүн куту....................25
Айымдар....................26
Биз апалар....................27
Торгой үнү....................28
Силер менен бар бололу....................35
Элеттен чыйыр салган эжекебиз....................36

**ЖАН ДҮЙНӨ**

Эх, чиркин дүнүйө....................38
Айланам алтын курактан....................39
Жашоо элеси....................43
Ой түрмөктөрү....................56
Аруу тилек....................58
Жашоо нур, дүйнө керемет....................59
Кадыр түн....................60
Арзуулайт аруу тилегим....................61
Жүрөгүң жаштык учурдай....................62
Ойло адамзат....................62
Агарып чыккан күндүн батары бар....................64
Ак тилек....................65
Жакшынын тиет жарыгы....................66

**АТА МЕКЕН, ЭЛ, ЖЕР ЖӨНҮНДӨ**

Ата Журт....................69
Ала Тоо ыйык мекеним....................70
Ырыстуу журтум «Ынтымак»....................71

Гүлдөй бер Ноокеним.....72
Жайнай бер өсүп Кыргызым.....73
Өнүксүн кыргыз калкыбыз.....78
Салтыбызды сыйлайлы.....89
Сакчы жоокер.....91

## АШЫКТЫК, МАХАБАТ ЫРЛАРЫ

Табышмак сырдуу пендесиң.....93
Кантип мени унуттуң.....94
Кыздын сыры.....95
Гүл кучактап жаныңда мен болоюн.....96
Махабат таңы.....97
Суктанам кара көзүңө.....98
Арзуумду билсең не болмок.....99
Мен сага күлүп келем.....100
Өкүнбө.....101
Сүйүү керемети.....102
Арзууң барбы мен үчүн.....103
Селкиге.....104
Кайкып бир учат боз торгой.....105
Кыйнабачы.....106
Сезимдеги ойлор.....107
Гүлгүн кез өтөт билинбей.....108
Өкүнүч.....110
Сулууга.....111
Сезимдерим талпынат.....112
Бал тамат таттуу үмүтүм.....113

## ТАБИЯТ ЖӨНҮНДӨ ЫРЛАР

Тоолорум.....115
Келгиле Кара-Шорого.....117
Беш ташка келгин жайында.....119
Жаз жыты кандай керемет.....121
Нооруз.....122
Кел жаңы жыл.....123
Сары Челек.....124
Нарын дайра.....127
Таазим сага жаңы жыл.....128
Алтын күз.....129
Муздак булак.....131
Кышкы аяз.....132

## БАЛДАР ЫРЛАРЫ

Айланайын небере.....134
Мектебим.....136
Бир уянын куштары.....137
Эне тилим.....139
Класстагы асыл курбулар.....141
Мугалим жашоо күзгүсү.....142
Акыл ойлуу [illegible].....143

*Адабий-публицистикалык басылма*

Жакыбалы МОМБЕКОВ

**ЖАШОО ЭЛЕСИ**

Корректору *Зулайка Момунова*
**Компьютердик калыпка салган:** *Нургазы Жуманалиев*
**Компьютерде терген** *Сыймык Талантбек уулу*

Форматы 64х84 1/16.
Көлөмү 12,5 б.т. Заказ № 19
Нускасы 300 даана.

«Бийиктик плюс» басмасы
720040. Бишкек шаары,
Ю. Абдырахманов көчөсү 170а,
Тел. 66-17-25.